# ШЫЛДЫҢ ДЕГЕН ЗУЛУМДУК
# ALAY DENEN ZULÜM

**ХАРУН ЯХЬЯ**
**АДНАН ОКТАР**
**HARUN YAHYA**
**ADNAN OKTAR**

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**İkinci Baskı: Nisan 2002**
**Üçüncü Baskı: Ağustos 2005**
**Dördüncü Baskı: Ekim 2005**
**Beşinci Baskı: Şubat 2006**
**Altıncı Baskı: Nisan 2007**
**Yedinci Baskı: Temmuz 2008**
**Sekizinci Baskı:Mart 2010**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Entegre Matbaacılık
Sanayi Cad. No: 17 Yenibosna-İstanbul
Tel: (0 212) 451 70 70

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**
**www.harunyahya.tv**

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ

ШЫЛДЫҢ КЫЛУУНУН СЕБЕБИ – БОЙ КӨТӨРҮҮ

КАРАҢГЫ КООМДО ШЫЛДЫҢЧЫЛДЫК

КААПЫРЛАР ДИНГЕ КАРАТА ДА ШЫЛДЫҢЧЫЛ БОЛУШАТ

КААПЫРЛАР ЫЙМАНДУУЛАРДЫ ШЫЛДЫҢДАП ЖАҢЫЛЫШАТ

КААПЫРЛАР ЭҢ БИРИНЧИДЕН ПАЙГАМБАРЛАРДЫ МАКСАТТАШАТ

КААПЫРЛАРДЫН ШЫЛДЫҢДАРЫНА САБЫР КЫЛУУ – ЫЙМАНДУУЛАР ҮЧҮН КАДЫР-БАРК

АЛЛАХ КААПЫРЛАРДЫ ДҮЙНӨДӨ УЯТ КЫЛАТ

КААПЫРЛАР БАЙКАБАГАН «УЛУУ ЧЫНДЫК»

ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР

ШЫЛДЫҢЧЫЛ АДАМДАР АКЫРЕТТЕ АЛГАН НАТЫЙЖАСЫ...

ЖЫЙЫНТЫК

ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

# ОКУРМАНГА

• Бул китепте жана башка эмгектерибизде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл. Кээ бир окурмандарыбыз балким бир гана китебибизди окушу мүмкүн. Ошондуктан ар бир китебибизде бул темага кыска болсо да бир бөлүмдө токтолуу ылайыктуу көрүлдү.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

•Түшүндүрүүдө колдонулган ыкластуу, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

• Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

Дин ахлагынан алыс коомдордо адамдардын кемчиликтерин издөө, аларды аныктоого аракет кылуу абдан кеңири тараган. Адамдардын мындай кылышына дүйнөгө болгон ач көздүктөрү жана адамдардан өйдө болуу каалоолору себеп болот. Бул адамдар башка адамдардын каталарын табуу мага жогорулук алып келет деп ойлошот. Бул үчүн көп колдонулган ыкмалардын бири – бул шылдыңчылдык. Адамдарды кемчиликтери менен, алсыздыктары менен же каталары менен шылдыңдаганда, өз кемчиликтерим көрүнбөй калат деп ойлойт. Ушул себептен караңгы коомдордо шылдың – жашоодо көп кездешүүчү бир бузуку кулк-мүнөз. Куран ахлагында болбогон мындай адамдар тынымсыз башкалардын шылдың кылууга мүмкүн болгон тараптарын издеп жатып, бир тараптан өздөрү шылдыңга калуудан тынчсызданышат. Ошондуктан мындай шылдыңчыл мамилелери менен бир-бирлерин бир «зулум чөйрөсүндө» жашатышат.

Бирок бул жерге чейин айтылгандар караңгылыктын шылдыңчыл мүнөзүнүн бир тарабы гана. Негизи бул адамдар өзгөчө туура экенин кабыл алгысы келбеген бир пикирге туш болгондо бул ыкманы колдонушат.

Каапырлардын динге болгон мамилелеринде мына ушул таасир байкалат. Кээ бир адамдар тарых бою Аллах элчилери жана китептери аркылуу аларды чакырган туура жолго баш ийбей өжөрлөнүшкөн. Көпчүлүгү шайтандын жолун ээрчишип, Аллахтын динин жана сурак күнүн жокко чыгарышкан. Албетте, мындай акылсыз мамиленин түбүндө алардын ичиндеги бой көтөрүү каалоосу бар. Каапырлардын бул абалы Куранда мындайча кабар берилген:

**Силердин кудайыңар жалгыз Кудай. Акыретке ишенбегендердин жүрөктөрү болсо чындыктан баш тартуучу жана алар текебер (адамдар). (Нахл Сүрөсү, 22)**

Аллахка жана акыретке ыйман келтирбеген бул адамдар аларга акыйкат дин баяндалганда, туура эмес жолдо экени жана бул жолдон кайтпаса түбөлүк бир тозок жашоосуна кабылаары кабар берилгенде, муну кабыл алышкан эмес. Өз ойлорунда өздөрүн туура жолдо көрсөтүү үчүн болсо дин ахлагын жана бул ахлактагыларды шылдыңдоого барышкан. Мындай начар жол менен аларга «каршы» бир пикир болгон Куран ахлагын жок кыла алабыз деп ойлошкон.

Албетте, каапырлар чоң жаңылыштыкта. Алардын сөз менен же кол менен жасаган аракеттери да эч натыйжа бербейт. Себеби Аллах Куранда акыйкат диндин дайыма жогору экенин жана каапырлардын аракетинин текке кетээрин мындайча сүйүнчүлөгөн:

**... Бирок каапырлардын тузагы текке гана кетет. (Момун Сүрөсү, 25)**

**Ооздору менен Аллахтын нурун (динин) өчүрүүнү каалашууда. Бирок, Аллах, каапырлар каалашпаса да, Өз нурунун (бүт дүйнөгө) толук таралуусунан башкасын каалаган жок. Мушриктер каалабаса да Ал динди (Исламды) бүт диндерден жогору кылуу үчүн элчисин хидаят жана акыйкат дин менен Ал жөнөткөн. (Тообо Сүрөсү, 32-33)**

Өтмүштөгү сыяктуу учурда жана келечекте да динди жокко чыгарганы үчүн же түшүнүү жөндөмдүүлүгү болбогону үчүн чындыктарга карата шылдыңчыл мамиле кылган адамдар болот. Бирок мындай адамдардын аягы, андай мамилелеринен кайтышпаса, Аллах аяттарында билдиргендей, кылган «маскаралыгы» себебинен абдан азаптуу болот:

**Ант болсун, сенден мурдакы элчилер да шылдыңдалышкан, шылдыңга алган нерселери алардан маскаралык кылгандарды толук ороп калды. (Энъам Сүрөсү, 10)**

**Аларга акыйкат келгенде, аны жалганга чыгарышты; бирок шылдың кылгандарынын кабары аларга келет. Алардан мурда канчалаган урпактарды кыйратканыбызды көрбөй жатышабы? Биз силерди жайгаштырбагандай (көп бир күч жана байлык менен) аларды жер бетинде жайгаштырдык; асмандан алардын үстүнө нөшөр (көп жамгырлар) жаадырдык, дарыяларды астынан актырып койдук. Бирок күнөөлөрү себебинен Биз аларды кыйраттык жана алардан соң башка урпактарды (жасап) жараттык. (Энъам Сүрөсү, 5-6)**

Мындан тышкары, бул адамдар төмөнкүнү да билиши керек: ыймандууларга болгон шылдыңчыл мамилелери менен, динге карата шылдыңчыл жана жалаа жапкан сөздөрү менен өздөрүн түбөлүк бир азапка түртүшүүдө. Ошондой эле, алардын доомат жана шылдыңчыл сөздөрү буларга кабылган адамдардын акыреттеги даражаларын көтөрүүдө. Бул – Куранда кабар берилген маанилүү бир сыр:

**Каапырларга дүйнө жашоосу жагымдуу кылынды (коноздолду). Алар ыйман келтиргендердин кээ бирлерин шылдыңдашат. Бирок коркуп-тартынгандар кыямат күнү алардан жогору. Аллах каалаганына эсепсиз ырыскы берет. (Бакара Сүрөсү, 212)**

Куранда кабар берилгендей, каапыр мүнөздүү адамдар кылымдар бою дээрлик бүт доорлордо бирдей ахлаксыз мамилелерде болушкан. Ал тургай, бир сөздөрдү айтышып, бир мисалдарды беришип, окшош иш-аракеттерди жасашкан. Шылдыңчылдык да мындай мамилелердин бири. Куран ахлагында болбогон адамдардын мындай орток мамилеси – Аллахтын өзгөрбөс бир мыйзамы. Ошондуктан мындай мамилелерге

кабылган бир момун (ыймандуу) Куранда айтылган бир чындыкка күбө болгону үчүн толкунданат. Мунун ыймандын бир көрсөткүчү экенин билгендиктен, мындай абалдан абдан кадыр-барк сезет. Мындай мамилелерге сабыр кылганы үчүн акыретте ала турган сыйлыкты билүү болсо кубанычын андан да күчөтөт. Көрүнүп тургандай, дин ахлагын жокко чыгарган же каршы чыккан адамдар ыймандууларга эч зыян тийгизе алышпайт. Бул чындык эске алганда, ыймандуулар үчүн аларды шылдың кылуунун кадыр-барк экени жакшыраак көрүнөт. Аллах Куранда **«... силерден мурда аларга китеп берилгендерден жана (Аллахка) шерик кошуп жаткандардан, албетте, абдан кыйноочу (сөздөрдү) угасыңар. Эгер сабыр кылсаңар жана тартынсаңар (бул) буйруктарга болгон бекемдигиңерден»** (Али Имран Сүрөсү, 186) деп кабар берген. Жана акыретте ыймандууларды шылдыңдагандардын уят болоорун сүйүнчүлөгөн:

**Айткын: «Мамиле (амалдар) жагынан эң көп азапка туш боло тургандарды силерге кабар берейинби?» «Алардын дүйнө жашоосундагы бүт аракеттери текке кетти, (бирок) өздөрүн чынында жакшы иш кылып жатабыз деп ойлошууда.» Мына ошолор Раббилеринин аяттарын жана Ага жолугууну жокко чыгаруучулар. Эми алардын кылгандары текке кетти, кыямат күнү алар үчүн бир тараза койбойбуз. Жокко чыгарганы (каапырдык кылганы), аяттарымды жана элчилеримди шылдың кылганы үчүн алардын жазасы тозок. Ыйман келтирип ыкластуу амалдарды кылгандар... Фирдаус бейиштери алар үчүн бир «конок мекени». Ал жерде түбөлүк жашашат, ал жерден чыккылары келбейт. (Кехф Сүрөсү, 103-108)**

Колуңуздагы бул китепте мына ушул чындыктар баяндалып, каапырлар шылдың кылгысы келгенде ичине түшкөн тузагы түшүндүрүлөт. Ошондой эле, шылдыңчылдык түшүнүгү көнүмүштөн тышкары, башка тараптардан колго алынып, Куран аяттары менен түшүндүрүлүүдө.

# ШЫЛДЫҢ КЫЛУУНУН СЕБЕБИ – БОЙ КӨТӨРҮҮ

Б ир адамдын өзүн башкалардан өйдө, жогору сезиши «бой көтөрүү» деп аталат. Бой көтөргөн (текебер) адамдар башка адамдарга карата аларды төмөн көргөнүн сездирген бир мамиледе болушат. Бирок бой көтөрүүнү бир эле адамдарга карата жасалган бир жаман мамиле деп ойлоо туура болбойт. Себеби текебер адамдар ошол эле учурда Аллахтын динине моюн сунуу, туура жолго чакырылганда бул жолду ээрчүүдө да бой көтөрүшөт.

Адам абийирин укпаса, напсисинин каалоолорун ээрчисе, Аллах Куранда сүрөттөгөн ахлакта болбосо, напсисинин бул тузагына түшөт. Себеби Аллах Куранда билдиргендей, **«... напси –Раббим аны коргобосо- болушунча жамандыкты буйрук кылат...»** (Йусуф Сүрөсү, 53). Шайтандын шыбырларын уккан жана өздөрүн эч бир реалдуулугу жок артыкчылыктарга ээмин деп ойлогон адамдар андан соң толугу менен напсилеринин башкаруусунда болушат. Ошондуктан текебер болушу же башкача айтканда бой көтөрүшү – сөзсүз.

Текебердик (бой көтөрүү) – шайтандын да эң белгилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири. Куранда билдирилгендей, Аллах периштелерге Аз. Адам (а.с.)га сажда кылгыла деп буйрук кылганда, иблистен башка баары сажда кылган, иблис болсо сажда кылбай өжөрлөнгөн. Албетте, мунун себеби – өзүн акылсыздык менен Аз. Адам (а.с.)дан өйдө көрүшү жана ушундан улам текеберлениши эле. Куранда шайтандын бул абалы мындайча баяндалат:

**Жана периштелерге: «Адамга сажда кылгыла» дедик. Иблистен башка (баары) сажда кылышты. Ал болсо кежирленди жана текеберленди, (ошентип) каапырлардан болду. (Бакара Сүрөсү, 34)**

**... кийин периштелерге: «Адамга сажда кылгыла» дедик. Алар болсо иблистен башкасы сажда кылышты; ал сажда кылуучулардан болбоду. (Аллах) Айтты: «Сага буйруганымда, сени сажда кылуудан эмне тосту?» (Иблис) Айтты: «Мен андан жакшымын; мени оттон жараттың, аны болсо ылайдан жараттың.» (Аллах:) «Андай болсо түш ал жерден, ал жерде текеберленүү сенин (акың) эмес. Ылдам чык. Чынында сен (басынып) уят болгондордонсуң.» (Аьраф Сүрөсү, 11-13)**

Бирок шайтандын да, анын жалган чакырыктарын ээрчигендердин да эч кандай артыкчылыгы жок. Тескерисинче бул адамдар Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүү экенин жокко чыгаруу менен кылган акылсыздыгы аларды уят кылууда. Аллах Куранда өз ойлорунда «мен жогорумун» дегендер жөнүндө **«...алардын көкүрөктөрүндө**

**(жүрөктөрүндө) эч жете албаган бир текебердик (каалоосу) гана бар...»** (Момун Сүрөсү, 56) деп кабар берген. Бул аяттан да көрүнүп тургандай, каапырлар канчалык каалашса да, күсөгөн жогорулукка жете алышпайт. Себеби жогорулук бир гана Аллахка тиешелүү жана Аллах Ага моюн сунган пенделерин гана жогору кылат. Адашкан каапырларды болсо дүйнөдө да, акыретте да уят кылат. Жогорудагы аяттардан кийинки аяттарда да Аллах каапырлардын кандай бир сокурдук жана түшүнбөстүк ичинде экенин мындайча кабар берген:

**Албетте, асмандардын жана жердин жаратылышы адамдардын жаратылышынан жогорураак (татаалыраак). Бирок көп адамдар билишпейт. Сокур менен (баамдап) көргөн бир болбойт; ыйман келтирип ыкластуу амалдарды кылгандар менен жамандык кылган да. Канчалык аз сабак алып-ойлонуп жатасыңар. Шексиз, кыямат-сааты жакындап келе жатат; мында эч шек жок. Бирок көп адамдар ыймансыз жүрүшөт. (Момун Сүрөсү, 57-59)**

Жогорудагы аяттарда да кабар берилгендей, адамдардын көпчүлүгү Аллахтын кудуретин жана улуулугун түшүнө албагандыктан, аларга бир берешендик менен берилген өзгөчөлүктөрдөн улам бой көтөрүп, мактанышат. Мына ушундай адамдардын ичиндеги текебердикти сыртка чыгаруу ыкмаларынын бири – адамдарды шылдыңдоо. Жогоруда да айтылгандай, аларды төмөн көргөнүн сездирүү менен өзүмдү жогору кыла алам деп ойлошот. Ушундан улам дин ахлагынан алыс караңгы коомдордо «шылдыңчылдык» кеңири тараган.

Шылдыңчыл адамдар ичтериндеги текебердик каалоосу себебинен тынымсыз адамдардын кемчиликтерин көрүп, жакшы тараптарын болсо байкашпайт. Мындай адамдардын ар биринин өзүнө жараша текеберленген кээ бир өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, кээ бири ийгилигинен, кээ бири сулуулугунан, кээ бири болсо байлыгынан улам бой көтөрөт. Ушундан улам бул тараптартан кемчиликтүү адамдарга кезиккенде, аларды кемчиликтери менен шылдыңдашат. Аларга мындай өзгөчөлүктөрдү Аллах бергенин жана кааласа бир заматта кайра алып коюшу мүмкүн экенин ойлонбостон, ушундай адашышат.

Караңгы коомдордо дин ахлагынан алыс түзүлүш себебинен шылдыңчылдык жашоонун айрылгыс бир бөлүгүнө айланган. Жаш балдар, жаштар дайыма ушундай мүнөз менен тарбияланып чоңойушат. Алдыда дин ахлагынан алыс жашаган адамдардын өз ара шылдыңчыл мамилелеринин мисалдарына токтолобуз. Жана мындай мамилелери менен өздөрүн кандай азаптуу бир жагдайга салышканына күбө болобуз.

# КАРАҢГЫ КООМДО ШЫЛДЫҢЧЫЛДЫК

Ыйман келтирбеген адамдар Аллах адамдар үчүн тандап жактырган дин ахлагында болбогондуктан, Курандан толугу менен алыста болушат. Ушул себептен өз ара күнүмдүк жашоолорунда шылдыңчыл мамилелери кеңири тараган.

Мындай бузуку мүнөздүн түбүндө текебердик жана сонун ахлакта болбоо турат. Ичтериндеги бул текебердик ар кандай себептерден улам жана ар кандай түрдө ачыкка чыгат. Турган чөйрөсүндө эң жогорку адам болгусу келген үчүн башкалардын жакшы өзгөчөлүктөрүн көргөндө, аларды шылдыңдашат. Ушундайча ал адамды басмырлоону, аны адамдардын көзүндө уят кылууну жана анын маанайын бузууну максаттайт. Бул адамды башка адамдардын жактырышын жана макташын каалашпайт. Аллах Куранда үйрөткөн чыныгы сүйүүнү, боорукердикти, мээримди сезбегендиктен, шылдыңдоо менен бир-бирин капалантуудан тартынышпайт.

Күнүмдүк жашоолорунда мунун мисалдары көп кездешет. Курбуларынын же башка адамдардын кемчиликтери же каталары жөнүндө өз араларында сүйлөшүп, шылдыңдашат. Буту тайып жыгылган, тамагына бир нерсе жүгүрүп кеткен, тили будаланып бир нерсени туура эмес айтып алган бирөөнү көргөндө ашыкча жана көпкө шылдыңдап күлүшөт. Андан соң ал адам жөнүндө уят кыла турган сөздөрдү сүйлөшөт. Ал тургай, ошол кезде күлүп ал адамды тажатканы аз келгенсип, кийин да ар мүмкүнчүлүктө аны ага эстетүү менен, уялтууга аракеттенет. Шылдыңга кабылган адамдар да ушундай мүнөздө. Кийин ушундай абалга түшкөн бирөөнү көргөндө алар да ал адамдарды шылдыңдашат. Б.а. бүт бул адамдардын арасында «үнсүз» бир караңгылык келишими бар сыяктуу. Ушул себептен аларды шылдыңдаганда алар да андан да көбүрөөк күлүү менен муну басууга аракеттенишет. Кыйналса да муну билдирбөөгө аракет кылышат. Себеби кыйналганымдын билинип калышы уят болуу маанисине келет деп ойлойт.

Мындан тышкары, кээ бир адамдар болсо денесинде бир кемчилиги болгон бирөөнү көргөндө колдору менен ага ишарат кылып, күлүүгө, өз оюнда аны шылдыңдоого аракет кылышат. Кемчилиги бар адам муну көрүшү жана капа болушу мүмкүн экенин билип туруп, мындай начар иш кылуудан тартынышпайт. Адамдардын кийимдерин, чачын, сүйлөө калыбын, диалектикасын, услубун, кызматын жана ал тургай жашоо формасын да шылдыңдоону бир көңүл ачуу катары баалашат. Муну болсо, жогоруда да айтылгандай, бир гана өз текеберлигин канааттандыруу, башкалардын суктанышына тоскоол болуу жана башка адамдарды өз ойлорунда уят кылуу максатында жасашат.

# КҮНҮМДҮК ЖАШООДО КАРАҢГЫЛЫК ЗУЛУМДУГУ: ШЫЛДЫҢЧЫЛДЫК

Караңгы коомдордо шылдыңчыл мүнөз ортоңку класстар жана лицей кезинен баштап жаштар арасында жайылат. Мисалы, бир мектепке башка бир шаардан балким байыраак же сулуураак бир окуучу келет. Башка окуучулардын көпчүлүгү аны караңгы адамдардын бир мүнөзү катары кызганышат, бирок муну жабуу үчүн аны ар кандай жолдор менен шылдыңдашат. Дайыма анын кемчиликтерин табууга аракеттенишет, ал тургай, жакшы жактарын да кемчиликтей карашат. Чачы түз болсо «шыпыргы чачтуу», узун бойлуу болсо «таяк» сыяктуу дешип, өз араларында ага жакпай турган аттарды коюшат. Ушундайча ал адам жөнүндө шылдыңчыл бир услуп колдонуу менен бүт баарын бул багытка бурууга, бүт баарын ал адамды басмырлашын камсыздоого аракеттенишет.

Ошол сыяктуу класста алардан аракетчилирээк, жакшыраак окуган бир окуучу бар болсо, муну да жактырышпайт. Аны уят кылуу үчүн ийгилигин жээрий турган аттарды коюп, аны шылдыңдашат.

Класстагы башка окуучуларды да шылдыңдоо үчүн ар бир мүмкүнчүлүктү колдон чыгарышпайт. Өзгөчө материалдык нерселерди шылдың үчүн ылайыктуу көрүшөт. Былтыркы жылкы формасын же бут кийимин кийген бирөөнү басмырлоо жана артынан шылдыңдоо көп кездешет. Окуучулардын жашаган району, үйлөрү жана үйлөрүндөгү буюмдар да шылдың темасы болот. Адамдардын аталарынын кесиби, апаларынын иштеген жери, атынын кулакка бейтааныш болушу же ал адамдын атынын таанымал бирөөгө окшош болушу сыяктуу көп жагдайлар шылдыңга себеп боло алат. Кээ бир окуучулар өзгөчө мугалимдерин шылдыңдашат. Мугалим тажрыйбасыз жаңы бир мугалим болсо анын услубун же тажрыйбасыз кыймылдарын шылдыңдашат. Мугалим улгайган болсо кээ бир кыймылдары жай болсо же көзү жакшы көрбөсө ошону шылдыңдашат. Мугалимдердин кийимдери де шылдыңга тема болот. Мисалы, мугалим көбүнчө бир кийим менен жүрсө, кийими үтүктөлбөгөн болсо, муну бир-бирине айтып шылдың кылышат.

Бул ишкана, мекемелерге да тиешелүү. Ал жердеги шылдыңчылдык адамдардын кызмат ордуларына жараша өзгөрөт. Адамдарда көбүнчө кызмат орду жагынан өзүнөн төмөндөргө көбүрөөк шылдың жасалат. Бул кишилер ушундайча текебердигин канааттандырууга аракеттенет. Өзүнөн жогоруларга текебердик кыла албаган үчүн өздөрүнүн кол астындагы же төмөнүрөөк даражада көрүнгөн кишилерди басмырлоого аракеттенишет, муну болсо аларды шылдыңдоо аркылуу жасашат. Мисалы, көбүнчө фирмаларда мүдүрлөр катчыларына карата шылдыңчыл болушат, алардын кылган иштерин, даярдаган нерселерин шылдыңдашат. Ал жердеги шылдыңчылдык мектептегиден башкача. Апачык ат коюу аркылуу эмес, жашыруун жасалат. Берилген жооптордон, басмырлаган мамилелерден, шылдыңчыл көз-караштардан муну көрүүгө болот. Анын жүзүнө карабастан сүйлөшүү, жооп бербей коюу, укпамыш болуу, анын кылган ката же билбеген нерселерине күлүү, шылдыңчыл көз-караштар менен айлананы

кароо – мунун кээ бир мисалдарынан.

Шылдыңчылдыктын башка бир түрү ишканаларда атаандаш кишилер арасында кезигет. Мисалы, бир-бири менен атаандашкан эки катчы бир-биринин кемчиликтерин, ката бүткөргөн иштерин бүт ишканага угузууга аракет кылышат. Же бир-биринин дене кемчиликтерин, тандаган кийимдерин, басышын же кандайдыр бир өзгөчөлүгүн шылдыңдоо менен бир-бирин башка адамдар алдында уят кылууга аракеттенишет. Эгер бул экөөнүн бирөөсү жоошураак болсо, беркиси аны басмырлоо максатында дайыма чукуган сөздөрү менен, басмырлоочу көз-караш жана сөздөрү менен аны кыйноого аракет кылат. Көбүнчө башкаларына салыштырмалуу жөнөкөй, жоош адамдар иш шарттарында дайыма басмырланган бөлүктү түзөт. Адамдар Куран ахлагынан алыс мүнөздөрү менен мындай адамдарга тийишишет, бирок өздөрүнөн жогору көргөн, күчүм жетпейт деп ойлогон адамдарга жолошпойт. Ал тургай, андай адамдарга дайыма «жагынууга» аракет кылышат.

Караңгы коомдун күнүмдүк жашоосунда да шылдың кеңири тараган. Куран ахлагынан алыс мындай чөйрөлөрдө шылдыңчылдык коомдун дээрлик бүт тарабында көп байкалат. Өзгөчө жакырлар көп шылдыңдалат. Алардын кийимдери, сүйлөө калыптары жана услуптары, жактырган түсү, жашоо формалары шылдыңга тема болот. Мектептерде, ишканаларда, байлар менен жакырлар чогуу жашаган коомдордо бул көп кездешет. Бирок ошол эле учурда жакырлардын байларды шылдыңдашы да көп байкалат. Эки тарап тең караңгы ахлакта болгондуктан, эч бири бул ахлактын жаман экенин кабыл алгысы келбейт. Болгондо да аларды мындай начар мамилелерден алыс кармай турган бир чек да жок. Аллах коркуусу болбогондуктан, жасаган шылдыңдарынын жазасын акыретте көрөөрүн унутушат. Сурак күнүн ойлонбостон өмүр сүрүшөт.

Мындай дин ахлагынан алыс түзүлүш ичинде чеги жок бир адашууда болушат. Бай бир адамдын кийимдерин кызгануу менен ага ар кандай жаман аттарды коюшат, мисалы «клоун сыяктуу» деп шылдыңдашат. Кийгендери абдан начар сыяктуу бир көрүнүш бергенге аракеттенишет. Бул негизи ал адамды кызганган үчүн жасалат. Мындай ахлактагы адамдар өздөрүндө жок нерсенин баарын кызганышат жана аларга ээ адамдарды шылдыңдоо менен өч алдым деп ойлошот.

Куран ахлагында болбогон адамдар бир-бирлеринин майда-чүйдө дене кемчиликтерин да шылдыңдашат. Мисалы, бир адамдын колдорунун, буттарынын кичинекей же чоң болушун, чачтарынын жок болушун шылдыңдашат. Бою кыска же узун бир адамга ат коюп, дайыма аны эскертип турушат. Адамдын толук же арык болушун шылдыңдашат. Көздөрү алчы болгон, көз айнек таккан адамдарга ат коюп шылдың кылышат. Кулактары жакшы укпаган бир адамды да шылдыңдап капалантышат. Аялдар өзгөчө өз араларында курбуларынын чач жасалгасын же өңүн шылдыңдашат. Кыскача айтканда, караңгы мүнөздөгү андай адамдар арасында дээрлик бүт нерсени шылдыңдоого болот. Күнүмдүк жашоолорунда мунун мисалдары көп. Бир-бири менен жаңы кездешкенде эле шылдыңчыл мамилелери башталат. Мисалы, ал күнү жарашыктуу

кийинген бирөөсүнө «Каякка минтип? Тойго баратасыңбы?» деп айтуу менен тынчсыздандырып, кийимим одоно болуп калган экен деп ойлоп калышына себеп болот. Же бири сыпаалык менен «кандайсың» деп акыбалын сураганда, беркиси «сен менин кандай экениме кызыкмак белең?» деп шылдыңчыл кыйытмаларды айтат. Чукуган көз-караш жана сөздөр көп колдонулат. Булардын абдан начар кыймыл-аракеттер экенин түшүнгүлөрү келбейт. Өздөрүнө да ушундай кылынганда азап тартышат, бирок ошондо да мындайын токтотушпайт. Себеби мындай мүнөз алардын караңгы коомунун бир талабы катары табигый кабыл алынган көрүнүш болуп калган. Курбу жолугушуулары жана маектеринде да мындай шылдыңчылдык көп кездешет. Досторунун, жакындарынын артынан шылдыңчыл тамаша жана сөздөрдү көп сүйлөшөт.

Өзгөчө эби келбеген же жөндөмсүз бирөөнү шылдыңдоо – маанилүү бир көңүл ачуу, караңгы адамдар үчүн. Туулган күндөрдө же өзгөчө күндөрдө алган белектерин жактырбай, башка курбулары менен бирге аны шылдың кылышат; берген адам арзан белек алыптыр, жагымсыз нерсе тандаптыр дешет.

Караңгы адамдардын шылдыңчылдыгы дайыма ачык болбошу мүмкүн. Өз ара бири-бирине жасаган эң кеңири тараган жаман мүнөздөрдүн бири – бул чукуган сөздөр жана жаман көз-караштар менен кыйыткан абалда шылдың кылуу. Өзгөчө алардан кызмат орду, даражасы, өзгөчөлүгү же кызмат укугу жагынан жогору бирөөнү түздөн-түз шылдыңдай албагандыктан, өз ара көздөрү менен ымдап шылдыңдашат. Ушундайча тымызын өздөрүн ал адамдан жогору көрүп, ал адамды басмырладык деп ойлошот. Мисалы, бир фирмада башкаруучу бир ката кетиргенде, мисалы тили будаланып кеткенде, ал жердеги адамдар алардан жогору болгон бул адамды ачык шылдыңдай алышпайт. Ошондуктан ымдаган шылдың ыкмасын колдонушат. Бир-бирине башкача карашат, көздөрүнүн ичинде шылдыңчыл бир күлүү болот. Сырттан жакшылап караган бир адам муну, албетте, ошол замат байкайт, бирок ачык кылбагандыктан далилдөө кыйын болот.

Дин ахлагынан алыс коомдордо бүт мындай азап берүүчү мамилелер себебинен адамдар абдан бейпилсиз бир чөйрөдө жашоого мажбур болушат. Бүт баары бир-бирин шылдыңдай турган бир нерсе табышат, бирок өзү шылдыңга калгандар мындан абдан жаман болушат. Ошого карабастан, ал чөйрөнү өзгөртүү үчүн эч аракет кылышпайт. Себеби шылдыңчылдыктын жаман бир көрүнүш экенин, Аллах буйруган ахлакка туура келбестигин айтса, өздөрү да башкаларды шылдыңдай албай калышат. Муну болсо напсилери эч каалабайт. Ушул себептен өздөрүнө жасалган шылдыңчыл мамилелерди жашоонун бир талабындай кабыл алышат. Ушундан улам бир-биринин жаман мамилесин сындашпайт. Аллах Куранда **«Кылып жаткан жаман иштеринен бир-бирин кайтарышчу эмес. Кылгандары кандай жаман нерсе эле!»** (Маида Сүрөсү, 79) аяты менен ушундай адамдардын мамилелерин кабар берген.

Жыйынтыктасак, Куран ахлагы менен жашабаган бир жерде ар кандай шылдыңчыл мамилени, уят кылуучу сөздү, тынчсыздандыруучу көз-карашты жана шылдыңды көрүүгө болот. Бул себеп болгон азаптуу жана бейпилсиз чөйрөдөн кутулуунун жалгыз

жолу – бул Куран буйруган сонун ахлакты өзүнө сиңирүү, жашоо жана жашатуу.

## КУРАНДА ШЫЛДЫҢЧЫЛДЫККА ТЫЮУ САЛЫНГАН

**Эй ыйман келтиргендер, бир коом (башка бир) коомду шылдыңдабасын, балким алар булардан жакшыраактыр; аялдар да аялдарды (шылдың кылбасын), балким алардан жакшыраактыр. Өз напсиңерди (өзүңөрдү өзүңөр) бөлүп-басынтпагыла жана бири-бириңерди «начар ылакаптар (тагылган аттар) менен» чакырбагыла. Ыймандан кийин фасыктык (бузукулук) кандай жаман. Ким тообо кылбаса, мына ошолор заалымдардын дал өзү. (Хужурат Сүрөсү, 11)**

Аллах жогорудагы аяты менен адамдардын жашоосунда шылдыңчылдыкка толук тыюу салган. Аятта тыюу салынгандардын баарынын караңгы коомдордо кездешүүчү уятсыздыктар экенин мурдакы бөлүмдөрдө айтканбыз. Бирок бул жерде шылдыңчылдыкты Куранга ылайык бир көз-караш менен тереңирээк кароо туура болот.

Аятта көңүл бурулган коомдордун бир-бирин шылдыңдашы, өз маданиятын жогору көрүшү, башка адамдарды басмырлашы – динсиздиктин бир натыйжасы. Бирок Аллах Кабатында жогорулуктун көрсөткүчү – бул адамдардагы Аллах коркуусу жана такыбалык. Материалдык күч, дене өзгөчөлүктөрү, алдыңкы технология же кандайдыр бир дүнүйөлүк нерсе адамдардын бир-биринен жогору кылбайт. Адамдардын ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ болушу, аял же эркек болушу, расасы, ак же кара болушу – бир жогорулуктун белгиси эмес:

**Эй адамдар, чындап, Биз силерди бир эркек менен бир аялдан жараттык жана бир-бириңер менен таанышышыңар үчүн силерди элдер менен уруулар (абалында) кылдык. Шексиз, Аллах Кабатында эң жогоркуңар – бул (улут же ата-баба жагынан эмес) такыбалык жагынан эң алдыңкыңар. Шексиз, Аллах билүүчү, кабар алуучу. (Хужурат Сүрөсү, 13)**

Аллах Хужурат Сүрөсүнүн жогорудагы 11-аятында аялдардын да бир-бирин шылдыңдашына тыюу салган. Өзгөчө аялдардын бир-бирине карата шылдыңчыл сөздөрдү колдонушу, чукуган сөздөрдү айтышы караңгы коомдордо көп кездешет. Ал тургай, мындай кыймыл-аракеттер ушунчалык «көнүмүш» болгондуктан, эми аял арасындагы мындай диалог толук кадыресе кабыл алынат. Бир аял башка бир аялдын дене кемчиликтерин мүмкүн болушунча көп сөз кылат. Ал тургай, айкын бир кемчилиги жок болсо да кандайдыр бир өзгөчөлүгүн бир кемчиликтей көрсөткөнгө аракеттенет. Ичиндеги кызганычтык себебинен ар түрдүү жалаага, шылдыңчыл мамилеге барышы мүмкүн.

Ал эми Куранда болсо адамдардын бир-бирин кыйнаган, капаланткан мамилелерди жасашы жаман мүнөз катары бааланган. Аллах башка бир аятында адамдардын бир-

бирлерин уруштурган, жашыруун тараптарын изилдеген мамилелеринин жаман экенин мындай бир мисал менен кабар берген:

**Эй ыйман келтиргендер, зандан (божомолдон) абдан качынгыла; себеби зандын бир бөлүгү күнөө. Бири-бириңердин жашыруун тарабын изилдебегиле. Кээ бирөөңөр кээ бирөөлөрдү гыйбат кылып (жамандап) аркадан уруштурбасын, силердин бирөөңөр өлүү бир тууганынын этин жегенди жактырабы? Мына андан жийиркендиңер. Аллахтан коркуп-тартынгыла. Шексиз, Аллах тооболорду кабыл кылуучу, абдан боорукер. (Хужурат Сүрөсү, 12)**

Аллах башка бир аятында да адамдар арасындагы шылдыңчыл мамилелерге көңүл буруу менен, сөз менен да, көз-караш менен да жасалган шылдыңчылдыкка токтолгон:

**Аркадан (адамдарды) уруштуруп турган жана каш көз ишараттары менен шылдың кылган ар бир адамдын абалы оор; (Хумаза Сүрөсү, 1)**

Шексиз, бул аяттагы ачык өкүмдөн, мындай бир кыймыл-аракет жасоодон тартынуу керек экени ачык көрүнүп турат. Адамдардын көздөрү жана мимикалары менен болсун, сөздөрү менен болсун, кылган бардык шылдыңчыл мамилелери албетте жоопсуз калбайт. Аллах Куран ахлагын жашабаган, сурак күнүн ойлонбостон, жаман мамилелерди кылган мындай адамдарды жогорудагы аяты менен эскерткен.

Муну да айта кетүү керек, шылдыңчылдык караңгы коом адамдарына гана тиешелүү бир жаман мүнөз. Ыймандуулар арасында мындай жаман көрүнүштөргө эч уруксат берилбейт. Ыймандуулар сулуулук, мээ, байлык, жөндөм сыяктуу ар кандай өзгөчөлүктү адамдарга Аллахтын бергенин билишет. Бир-биринин жакшы тараптарын да кубануу менен кабыл алышат. Напсилерин эмес, Аллахтын ыраазылыгын көздөгөндүктөн, караңгы коом адамдарында болгон текебердик, кызганычтык сыяктуу сезимдерди сезишпейт. Ушул себептен бир-бирине дайыма толеранттуу, жакшы күмөндүү, оң, кичипейил мамиледе болушат. Ошол сыяктуу бир-биринде көргөн кемчиликтерди да Аллахтын бир сыноо катары бергенин билишет. Ушул себептен бул кемчиликтерди жашырып, аларды оңдой турган жакшы иштерди кылышат. Шылдыңчылдыкка жакындай турган кичинекей бир мамиледен, көз-караштан, сөздөн да абдан тартынышат. Ыймандуулардын шылдыңчылдыкка болгон көз-карашын төмөнкү аятта кабар берилген, Аз. Муса (а.с.)дын сөздөрү апачык көрсөтөт:

**Муса коомуна: «Аллах анык силерге бир уй союшуңарды буйрук кылууда» деген эле. «Бизди шылдыңдап жатасыңбы?» дешти. (Муса) «Караңгылардан болуудан Аллахка корголоном» деди. (Бакара Сүрөсү, 67)**

Көрүнүп тургандай, ыймандуулар шылдыңчылдыкка окшогон бир иш-аракет

кылуудан ылдам Аллахка корголонушат. Мындай мамиленин караңгылык экенин билишет. Эң негизгиси мунун Аллахка жакпай турган бир мамиле экенин билиши мындан тартынуулары үчүн эң чоң себеп болот.

# КААПЫРЛАР ДИНГЕ КАРАТА ДА ШЫЛДЫҢЧЫЛ БОЛУШАТ

Адамдардын бул дүйнөдө жашашынын максаты – бул Аллахка кулчулук (ибадат) кылуу, Аллах жактырган мүнөздө болуу, Куранда аларга көрсөтүлгөн туура жолдо болуу. Аллах Куранда **«...адамдарды жалаң гана Мага ибадат кылышсын деп жараттым.»** (Зарият Сүрөсү, 56) деп билдирген. Бирок мурдакы бөлүмдөрдө да айтылгандай, адамдардын көпчүлүгү ичтериндеги «текебердик каалоосу» себебинен Аллахка моюн сунбайт жана ибадат кылуудан тартынат. Бирок бул адамдар негизи Аллахтын алардан эмне каалаганын да абдан жакшы билишет. Аллах Куранда ага эскертилген чындыктарды абийири менен түшүнгөн, бирок ичиндеги текебердик себебинен акыйкатты жасабаган адамдар жөнүндө мындайча сөз кылган:

**Аяттарыбыз аларга көздөрүнө көрсөтүлгөндө: «Бул апачык бир сыйкыр» дешти. Абийирлери кабыл алганына карабастан, зулумдук жана текебердик себебинен аларды жокко чыгарышты. Эми сен бузукулардын кандай натыйжага туш кылынганын бир кара. (Намл Сүрөсү, 13-14)**

Абийир азабын сезишкендиктен, акыйкат диндин бар экенин билүү, угуу, көрүү бул адамдарда күчтүү бир ичтен тынчсыздануунун пайда кылат. Аллахтын атынын эч эскерилбешин, эч кимдин динге маани бербешин, бүт адамдардын алар сыяктуу болушун каалашат. Себеби ошондо гана көңүлүм тынчыйт деп ойлошот. Аллахтын бар экени же дин ахлагы менен байланыштуу бүт нерсе аларга мүнөздөрүнүн бузук экенин жана начар иш-аракеттерин эске салат.

Мындан тышкары, Аллахтын чексиз күч-кудурет ээси экени жана жандуу, жансыз бүт баарынын Аллахка моюн сунушу да ичтеринде «эч жете албаган бир текебердик каалоосу» бар бул адамдарга абдан оор келет. Себеби буларды көргөндө өздөрүнүн Аллахтын алдында канчалык алсыз экенине күбө болушат. Ушул себептен, Аллахтын эске салынышына, Анын улуулугуна суктанылышына чыдай алышпайт. Алар бул апачык чындыктан эч далилсиз баш тартуу менен, жаратылуу далилдерин жокко чыгаруу менен же апачык Аллахтын кудуретинин көрсөткүчү болгон бул кереметтерди көрмөксөн болуу менен көңүлүбүз тынчыйт деп ойлошот. Мына ушундай чоң жаңылыштык ичинде болгон ал адамдар абийир азабынан кутулуу үчүн барган жолдорунун бири – бул алардын динге карата шылдыңчыл мамиледе болушу. Бул адамдардын жаратылуу далилдерине болгон мамилеси бир аятта мындайча баяндалат:

**Жок, сен (бул кереметтүү жаратууга жана алардын каапырдыгына) таң калып калдың; алар болсо шылдыңдаганын улантышууда. Аларга насаат**

**айтылганда, насаат албай жатышат. Бир аят (керемет) көргөндө да (аны) шылдыңдап күлүшүүдө. (Саффат Сүрөсү, 12-14)**

Аятта кабар берилгендей, бул адамдар кереметтүү чындыктарга шылдыңчыл мамиле көрсөтүшөт. Бул ушунчалык чоң акылсыздык болгондуктан, апачык далилдер да бул адамдардын ыйман келтиришине себепчи болбойт. Алар Аллахты жана Куранды жокко чыгаруу менен өздөрүнүн төмөн акылдарында кадыр-барк жана жогорулукка жетем, айланасындагы адамдардын оюнда жогору болом деп ойлошот. Чынында болсо айланасындагы адамдар да Аллахка абдан муктаж, акыретте суракка алына турган алсыз жандыктар. Алардын оюнда жогору болуп-болбошунун эч бир мааниси жок. Болгондо да ушундай текеберленишине себеп болгон нерселер да – Аллах аларга берген өзгөчөлүктөр. Алар ээ болгон бүт нерсеси үчүн Аллахка карыздар. Бирок бул нерселер үчүн алар шүгүр кылуунун (ыраазычылык билдирүүнүн) ордуна шылдыңчылдыкты тандашат.

Бул бөлүмдө каапырлардын Аллахтын динине болгон мамилелерин Куранда бизге билдирилген мисалдар менен айтып беребиз. Жана бул адамдардын шылдыңчыл мамилелери менен түпкүрүндө өздөрүн канчалык чоң зыянга туш кылганын, мындай мамилелери себебинен акыретте ала турган натыйжасын эскертебиз.

## АЛЛАХТЫН АЯТТАРЫН ТҮШҮНӨ АЛБАШЫ

**Бир сүрө түшүрүлгөндө алардын кээ бирлери: «Бул кимиңердин ыйманыңарды көбөйттү?» дешет. Бирок ыйман келтиргендер болсо; алардын ыйманын көбөйткөн болот жана алар (бири-бирине) кубанычтуу кабар-айтышат. (Тообо Сүрөсү, 124)**

Жогорудагы аятта кабар берилгендей, Аллахтын аяттарын чын жүрөктөн ыйман келтирген адамдар гана түшүнө алышат. Аяттардагы хикматты (терең маанини) алар гана көрө алышат. Каапырлар болсо Аллахтын аяттарын түшүнүүгө алсыз. Болгондо да «бул кимиңердин ыйманыңарды көбөйттү?» деп суроо менен өз ойлорунда шылдың кылууну каалашат. Бирок ыйман келтиргендер үчүн бир сүйүнчү болгон Аллахтын бул жакшылыгынан да кол жуушат. Каапырлардын мындай аңкоологуна жана аяттарга болгон туура эмес мамилелерине Курандын башка бир аятында мындайча көңүл бурулган:

**Албетте, Аллах бир чиркейди да, андан өйдөнү да мисал келтирүүдөн тартынбайт. Ушундайча ыйман келтиргендер, албетте, мунун Раббилеринен келген бир чындык экенин билишет; каапырлар болсо «Аллах бул мисал менен эмне максат кылыптыр?» дешет. Муну менен бир тобун адаштырат, бир тобун болсо туура жолго (хидаятка) жеткирет. Бирок Ал бузукулардан башкасын адаштырбайт.**

**(Бакара Сүрөсү, 26)**

Жогорудагы аятта кабар берилгендей, Аллахтын бир аятында «чиркей» жөнүндө сөз кылышынын сырын, маанисин каапырлар түшүнүшкөн эмес. Аңкоолуктары себебинен «Аллах бул мисал менен эмне максат кылды?» деп өз ойлорунда шылдыңчыл мамиле көрсөтүшкөн. Бирок учурда илим адамдар «чиркей» деп маани бербеген жандыктардын негизи көптөгөн кереметтүү өзгөчөлүктөргө ээ экенин аныктады. (Терең маалымат үчүн караңыз: Harun Yahya, *Sivrisinek Mucizesi (Чиркей керемети*). Аллах бул жандыктагы кереметтүү өзгөчөлүктөрдү мындан 1400 жыл мурда кабар берген жана ал доордун каапырлары бул маалыматтарды билбеген үчүн айткан шылдыңчыл сөздөрү менен уят болушкан.

Каапырлардын Аллахка жана Анын динине карата текебер мамилелери өзгөчө Аллахтын аяттары аларга окулганда жана аларга аяттар менен кеңеш берилгенде көрүнөт. Аллах жөнөткөн элчилер менен ыкластуу Мусулмандар коомдоруна алардын батыл (ойдон чыгарылган) системасынын туура эмес экенин айтып беришет. Жалгыз туура жолдун Аллах түшүргөн дин экенин айтып беришип, аларга Аллахтын аяттарынан окушат жана аяттардын маанилерин түшүндүрүшөт. Аяттардагы маани ушунчалык кемчиликсиз болгондуктан, каапырлар ал сөздөрдөгү кереметтүүлүктү байкашат. Бирок мындай улуулукту сезишсе да, текебердиги себебинен чындыктарды жокко чыгарышып, аларга жасалган чакырыктан баш тартышат. Бирок муну менен эле чектелбестен, адашуучулугу себебинен Аллахтын аяттарын шылдыңдашат. Куранда алардын мындай текебер мамилеси жана шылдыңчыл мамилелери мындайча баяндалат:

**Ага Аллахтын аяттары окулганда угат, анан (өжөрлүк менен текеберленип) укпамыш болуп кежирленет. Эми сен аны оор бир азап менен сүйүнчүлө. Аяттарыбыздан бир нерсе укканда шылдың кылат. Мына ошолор үчүн басмырлоочу бир азап бар. (Жасийе Сүрөсү, 8-9)**

Аллах каапырлардын мындай шылдыңчыл мамилелерин көптөгөн аяттары аркылуу кабар берген. Жана ыймандууларга мындай сөздөргө туш болгондо, кандай мамиле кылышы керек экенин төмөнкүчө кабар берген:

**Аяттарыбыз жөнүндө «шылдыңчыл талаштарга киргендер»; алар башка бир сөзгө өткөнгө чейин, алардан жүз бур... (Энъам Сүрөсү, 68)**

## ИБАДАТТАРГА ШЫЛДЫҢЧЫЛ МАМИЛЕЛЕРИ

Аллах буйруган ибадаттарды, бул ибадаттардын хикматтарын (сырларын) жана өзгөчө намаз жана орозону шылдыңдоо каапырлар арасында кеңири тараган. Аллах бир аятында каапырлардын мындай акылсыз мамилелерин төмөнкүчө кабар берген:

**Алар силер бир-бириңерди намазга чакырганыңарда аны шылдың жана оюн кылышат. Бул чынында алардын акыл жүгүртпөс бир коом болушу себептүү. (Маида Сүрөсү, 58)**

Каапырлардын ибадаттар жөнүндөгү шылдыңчыл мамилелерине күнүмдүк жашоодо да көп кездешүүгө болот. Мисалы, андай бир адамга 5 убак намаз кылышы, орозо кармашы керек экени эскертилгенде, ошол замат шылдыңчыл маанайга кирет. Сүйлөө услубун, тандаган сөздөрүн, мимика жана кыймылдарын толугу менен шылдыңчыл маанай каптайт. Булардын баары ошол сыяктуу бир жылмайуу менен кошулганда, абдан начар бир көрүнүш пайда болот.

Мындай шылдыңчыл мамилелеринин түпкү себеби – бул башка адамдардын жүрөгүнүн түпкүрүндөгү динге жана диний баалуулуктарга болгон урматты азайткысы келиши. Ушундайча ыймандуулардын адамдарга жасаган чакырыгына да өз ойлорунда тоскоол болууну максатташат. Өзгөчө дин ахлагын жашаган жаш бир адамды көргөндө шылдыңчыл мамилелери даана байкалат. Аны көргөндө өздөрүн көбүрөөк күнөөлүү сезишкендиктен, мындай күнөөкөрдүк сезимин аны шылдыңдоо менен басууга аракеттенишет. Ушундайча аны туура жолдон тосуп кайтаргылары келет.

*«Жаштыкты сүр, келечекте диний ибадаттарыңды жасайсың», «ушул жашта дүйнөдөн өзүңдү тартыпсың»* деген сыяктуу кыйытма жана шылдың максаттуу сөздөрдү айтып, өз ойлорунда ал адамды уят кылууну каалашат. *«Орозо оозуңду ач, мен сенин күнөөңдү мойнума алам»* же *«Намаз кылуунун эмне кереги бар, али абдан жашсың, улгайганда кыласың»* деген сыяктуу акылсыз убадаларды беришип, аны туура жолдон адаштырууга аракет кылышат. Чынында болсо адам акыретте ибадаттарын аткарып-аткарбаганы жөнүндө суракка алынат. Мисалы, 5 убак намаз абдан – болгон көңүл менен, эч кемчиликсиз, өз убактысында, чоң бир кубаныч жана берилүү менен аткарылышы керек болгон бир ибадат. Пайгамбарыбыз (сав) да көптөгөн куттуу хадисинде 5 убак намаздын маанисине көңүл бурган. Эбу Хурейре (ра)дан риваят кылынган бир куттуу хадисинде Расулуллах (сав) мындай буйруган:

*«Беш убак намаздар аптага чейин жума, эмки жылга чейин рамазан, чоң күнөөлөрдөн тартынылса, араларындагы каталар үчүн кафарат.» (Müslim), (Riyazü's Salihin, İmamı Nevevi, çeviren: Mehmet Emre, Bedir yayınevi, s. 698)*

Дин ахлагынын талабы болгон ибадаттарды шылдың кылууга аракеттенген адамдар эмне гана кылышпасын, ыймандууларга зыян берип, аларды уят кыла алышпайт. Себеби ыймандуулар каапырлардын Куранда кабар берилген бул мамилелерин көргөндө, ансайын толкунданышат жана ибадаттарын андан да берилүү менен улантышат.

Каапырлар шылдың кылуу менен өз ойлорунда ыймандууларга зыян тийгизгилери келет, бирок бул аракеттеринде ийгиликке жете алышпайт; ал тургай билбестен алардын акыреттеги даражаларын жогорулаткан болушат. Б.а. бир мааниде ыймандууларга кызмат кылышат деп айтууга болот. Бирок бул чындыкты түшүнө албагандыктан, аятта көңүл бурулган «акыл жүгүртүү кемчиликтерин» дагы бир жолу көрсөтүшөт.

## КАЙРАДАН ТИРИЛҮҮНҮ ЖОККО ЧЫГАРЫШЫ

Каапырдык кылган бул адамдар шылдың кылган дагы бир нерсе – бул «тирилүү». Өлүмдөн кийин адамдардын кайрадан тирилээрин болгон күчү жана акылсыздык менен калпка чыгарышат. Себеби муну кабыл алышса дин ахлагына жараша жашашы керек болот. Мындан тышкары, адамдар өлгөндөн кийин тирилтиле турган болсо, дүйнөдө кылгандарынан сурак да беришет. Жана ал күнү дүйнөдө Аллах Куранда буйругандай жашагандар гана кутулушат. Сурак күнүнөн соң албетте Аллахтын чексиз адилети көрүнүп, күнөөкөрлөр жазаланышат жана жакшы иштерди кылган, Аллахка моюн сунуучу болгондор болсо сыйланышат. Бул апачык бир чындык. Жана ушундайча сурак (дин) күнү каапырлардын чоң жаңылыштыкта экени ачыкка чыгат. Бирок каапырлар дүйнөдө кылгандарынан жоопкерчиликтүү экенин кабыл алгылары келбей, Аллахты жана сурак күнүн унутушат. Натыйжада эң биринчиден өлүмдүн абдан жакын экенин унутууга аракет кылышат. Ал тургай ал жөнүндө шылдыңчыл сөздөрдү, тамашаларды айтуу менен өз ойлорунда анын олуттуулугун жеңилдетүүгө аракеттенишет. Айланасындагы адамдарга өлүм абдан алыс, аны ойлонуп кереги жок деген сөздөрдү айтышат. Бирок канчалык унуткулары келсе да өлүм бир чындык. Аятта мындайча айтылат:

**Айткын: «Албетте, силер качкан өлүм, шексиз силерге келет. Кийин кайыпты да, аныкты (күбө болунганды) да билген (Аллах)ка кайтарыласыңар; Ал силерге жасагандарыңарды кабар берет.» (Жума Сүрөсү, 8)**

Ушул себептен кайра тирилүү жана сурак берүү чындыгын жокко чыгаруу жолун тандашат. Албетте, алардын акылсыздык менен сурак күнүн жокко чыгарышы аларды ал күнгө жолугуудан алыстатпайт, бирок ошондо да муну түшүнмөксөн болуу менен кутула алабыз деп ойлошот. Ал тургай, андан да илгерилеп, муну шылдың кылышат. Ушундайча кайрадан тирилүүгө ишенбегенин жана буга маани бербегенин айланасына далилдегилери келет. Куранда алардын мындай шылдыңчыл мамилелеринен мисалдар берилген:

**Ал адам апа жана атасына: «Уф силерге, менден мурда канча урпактар келип кеткен, мени (тирилтилип) чыгарыласың деп коркутуп жатасыңарбы?» деди. Ал экөө (апасы менен атасы) болсо Аллахка жалбарып: «Аттиң сага, ыйман келтир, шексиз Аллахтын убадасы чындык.» (дешет; бирок) Ал: «Бул илгеркилердин жомоктору гана» дейт. (Ахкаф Сүрөсү, 17)**

Өзүнүн аңкоо акылын жактырган жана ага абдан ишенген каапырлардын тирилүү жөнүндөгү мындай аңкоо суроолоруна жана туура эмес логикаларына жооп катары Куранда эң сонун мисал төмөнкүчө кабар берилген:

**Адам Биздин аны бир тамчы суудан жаратканыбызды көрбөйбү? Эми ал апачык бир душман болуп калды. Өзүнүн кантип жаратылганын унутуп, Бизге бир мисал берип; (мындай) деди: «Чирип-талкаланганда бул сөөктөрдү ким тирилтет экен?» Айткын: «Аларды алгачкы жолу жаратып-кураган тирилтет. Ал ар түрдүү жаратууну билет.» (Йасин Сүрөсү, 77-79)**

Адамды жана жер бетиндеги жандуу-жансыз бүт баарын Аллах жараткан. Адам Аллах түшүргөн дин ахлагын жашоого милдеттүү, жана аны жокко чыгарышы адамды бул жоопкерчиликтен куткарбайт. Анткен болсо «дин күнү» келгенде кылгандарынын жазасын сөзсүз алат. Муну да айта кетүү керек: Аллахты жана Анын динин шылдың кылуу абдан чоң бир кылмыш. Жана эч шексиз мунун жазасы абдан оор болот. Бул адамдар Куранда мындайча эскертилишкен:

**Диндерин бир оюн жана күлкү кылып алгандарды жана дүйнө жашоосу аларды текебер кылгандарды жөн кой. Аны менен (Куран менен) эскерт; бир напси өз кылгандары менен кыйроого туш болбосун; (мындайдын) Аллахтан башка досу да, шапаатчысы да жок; (кутулуу үчүн) эмне берсе да кабыл алынбайт. Мына ошолор кылгандары үчүн кыйроого туш болгондор; каапырдыкка адашкандыгы үчүн аларга катуу кайнаган суулар жана оор бир азап бар. (Энъам Сүрөсү, 70)**

Бул азапты билмексен болгон адамдар бүт доорлордо болгон сыяктуу биз жашап жаткан доордо да бар. Бул адамдар ар бир мүмкүнчүлүктө диний баалуулуктарды жана ыйык нерселерди шылдың кылуудан тартынышпайт. Диний мазмундуу тамаша, анекдоттордон тышкары, карикатураларда да диний баалуулуктарды өз ойлорунда шылдыңдашат. Бүгүнкү күндөгү жана тарых бою жашаган каапырлардын мындай начар мамилелеринин максаты бирдей болгон. Шылдыңчыл мамилелери менен бир тараптан ыймандууларды кыйнагыла келсе, экинчи тараптан адамдардын жүрөгүнө диний баалуулуктарга карата терс таасир берүүгө аракеттенишет. Бирок унутпаш керек, Мусулмандар үчүн каапырлардын мындай мамилелерине кабылуу чоң бир кадыр-барк. Себеби Аллах Куранда ыкластуу Мусулмандардын ушундай мамилелерге кабылышы мүмкүн экенин жана булардын сыйлыгынын аларга эң сонуну менен берилээрин убада кылган. Ошондой эле, Аллах ал шылдыңчыл адамдардын абалын Куранда билдирген жана ыймандуулардан алардан алыс болушун буйрук кылган:

**Эй ыйман келтиргендер, силерден мурда аларга китеп берилгендерден диниңерди шылдың жана оюн кылып алгандарды жана каапырларды дос (вели, башчы) кылбагыла. Жана эгер ишенсеңер, Аллахтан коркуп-тартынгыла. (Маида Сүрөсү, 57)**

# КААПЫРЛАР ЫЙМАНДУУЛАРДЫ ШЫЛДЫҢДАП ЖАҢЫЛЫШАТ

М урдакы бөлүмдөрдө айтылгандай, каапырлар негизи Аллахтын буйруктарына каршы болгон үчүн жана Аллахка моюн сунбаганы үчүн өздөрүн абдан күнөөлүү сезишет. Ушундан улам да Аллахтын динине баш ийген ыймандууларга шылдыңчыл мамиле кылышат. Өздөрүнүн туура эмес жолдо, ыймандуулардын болсо туура жолдо экенин билүү ыймандууларга карата кекенүүгө себеп болот. Бир аятта ал адамдардын ыймандууларга карата сезген ачууланусу мындайча баяндалат:

**...Алар силерге жамандык жана зыян тийгизүүгө аракет кылып, силерге оор бир азап бере турган нерсени жактырышат. Жаман көрүү (жана душмандыктары) оздорунан сырткы чыкты, көкүрөктөрүндө жашыруун сактагандары болсо андан күчтүүрөөк. Балким акыл жүгүртөрсүңөр деп силерге аяттарыбызды түшүндүрдүк. (Али Имран Сүрөсү, 118)**

Каапырлардын ыймандууларга мынчалык кекенишинин эң негизги себептеринин бири – бул алардын Аллахка ишениши. Тарых бою Аллахтын буйруктарын аткарган, Аллах жөнөткөн китептерге жана элчилерге моюн сунган ыймандуулар каапырларды ачууланткан. Жер бетинде ыймандуу адамдар калбай калмайынча, каапырлар ушинтип тынчсызданып, ачуулана беришет.

Каапырлар Аллахтын бар экенин жана улуулугун билмексен болгулары келет. Башында да айтылгандай, эгер бүт нерсенин Жаратуучусунун Аллах экенин, бүт окуяларды Анын башкарып турганын кабыл алышса, алар да Аллахка баш ийиши керек болот. Бул чындыктарды билмексен болууга аракет кылып жатканда, ыймандуулардын бар болушу алардын бүт аракеттерин текке кетирет. Ыймандуулар каапырларга жана өз коомуна Аллахтын бүт нерсенин Жаратуучусу экендигин, бүт кудуреттин Аллахка тиешелүү экенин, дүйнө жашоосунун убактылуу, өлүмдүн болсо апачык жана абсолюттук бир чындык экенин, кыскача айтканда, каапырлар унутууга аракет кылган бардык чындыктарды эске салышат. Ушул себептен каапырлар жер бетинде бир дагы ыймандуу адамдын калышын каалашпайт. Мына ушул себептерден улам ыйман келтиргендерге душман болушат.

Албетте, бул душмандыктарын өз ойлорунда көрсөтүүнүн эң оңой жолдорунун бири – бул ыймандууларга маани бербегенин көрсөтүү. Чынында болсо ыймандуулар алардын баалашына эч муктаж эмес. Муну болсо аларга шылдыңчыл мамиле кылуу менен сездирүүгө аракеттенишет. Өзгөчө ыймандуулардын ыйманын шылдыңдоо – каапырлар абдан көп жасаган уятсыздык. Куранда мунун көп мисалы баяндалган:

**Жана (кайра) аларга: «Адамдар ыйман келтирген сыяктуу силер да ыйман келтиргиле» деп айтылганда: «Акылы төмөндөр ыйман келтирген сыяктуу ыйман келтирелиби?» дешет. Билип койгула, чынында чыныгы акылы төмөндөр өздөрү; бирок билишпейт. Ыйман келтиргендерге жолукканда: «Ыйман келтирдик» дешет. Шайтандары менен жалгыз калганда болсо: «Шексиз, силер менен биргебиз. Биз (аларды) шылдыңдап гана жатабыз» дешет. (Бакара Сүрөсү, 13-14)**

Аяттарда көрүнүп тургандай, каапырлар ыймандууларды өздөрүнөн төмөн көргөнүн көрсөткөн сөздөрдү сүйлөшөт. Ушундайча ыймандуулардын каалоосун, күчүн азайта алам деп ойлошот. Бирок мында да жаңылышат. Себеби Аллахка ыйман келтирген бир адамдын жашоосунда ыйман каалоосунун азайышы, үмүтсүздүккө түшүү, кайгыруу сыяктуу терс көрүнүштөр болбойт. Тескерисинче, ыймандуулар үчүн мындай уятсыз мамилелерге кабылуу чоң бир кадыр-барк жана булар ыймандуулардын каалоосун андан да күчөтөт. Себеби Аллах Куранда тарых бою бүт Мусулмандардын мындай чөйрөлөргө кабылганын кабар берген. Бул үчүн ыймандуулар ар доордо мындай мамилелерге сабыр кылса, акыретте мунун сонун бир сыйлыгын алаарын билүүнүн кубанычында болушкан.

Тарых бою каапырларды эң ачууланткан жагдайлардын бири ыймандуулардын Аллах жөнөткөн элчини ээрчиши болгон. Ыймандуулар **«Биз элчилердин баарын Аллахтын буйругу менен гана ага моюн сунулушунан башка нерсе менен жөнөтпөдүк...»** (Ниса Сүрөсү, 64) аяты талап кылгандай, Аллахтын элчилерине жана Анын жолунда күрөшкөн ыкластуу Мусулмандарга абдан урмат көрсөтүшкөн. **«Эй ыйман келтиргендер, Аллахка моюн сунгула; элчиге моюн сунгула жана силерден болгон башчыларга да...»** (Ниса Сүрөсү, 59) аятына ылайык баш ийүүчүлүктө бир-бири менен жарышышкан жана эч тоң моюндук кылышкан эмес:

**Булар Аллахтын (койгон) чектери. Ким Аллахка жана элчисине моюн сунса, аны астынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизет. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. Ким Аллахка жана элчисине баш көтөрсө жана анын чектеринен чыкса, аны ичинде түбөлүк кала турган отко киргизет. Ал үчүн басмырлоочу бир азап бар. (Ниса Сүрөсү, 13-14)**

Мунун эң маанилүү мисалдарынын бири – бул Пайгамбар Мырзабыз (сав) доорунда Мусулман аялдардын жамынуу аяттарынын түшүшүндөгү баш ийүүчүлүгү. Аллах Куранда жамынуунун ыймандуу аялдарды башкалардан айырмалоочу маанилүү бир өзгөчөлүк экенин кабар берген:

**Эй Пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана ыймандуулардын аялдарына сырткы кийимдериңерден (жилбаб) үстүңөргө кийгиле деп айт; алардын (эркин жана намыстуу) таанылышы жана кысымга кабылбашы үчүн эң туура жол ушул.**

**Аллах абдан кечиримдүү, абдан боорукер. (Ахзаб Сүрөсү, 59)**

Нур Сүрөсүндөгү жамынуу жөнүндөгү аяттар Хижраттан кийинки доордо түшүрүлгөн:

*«Шейбе кызы Сафийе мындай деп айтып берет: Биз Аз. Айшенин жанында турганда бир катар аялдар Курейштик аялдардын абалын жана жакшы жактарын айтып беришти. Андан соң Аз. Айше мындай деди; «сөзсүз Курейштик аялдардын жогорулугу бар. Бирок Аллахка ант ичем, мен ансардын аялдарынан көбүрөөк Аллахтын Китебин тастыктаган жана Куранга ишенген жакшы адамдарды көрбөдүм.» Нур Сүрөсүндөгү «баш жамынчыларын жакаларынын үстүнө коюшсун» аяты түшкөндө, күйөөлөрү алардын жанына барышты жана аларга Аллах  бул жөнүндө буйруган аятты окушту. Ар бир киши аялына, кызына, эжесине жана жакындарына бул аятты окуп берди. Араларынан эч бир аял баш жамынчысын жакаларынын үстүнө койбой койгон жок. Аллахтын түшүргөн китебиндеги өкүмүнө ишенгендиктен жана тастыктагандыктан жамынчыларын жамынышты...» (İbn-i Kesir, Hadislerle Kuran-ı Kerim Tefsiri, cilt:11, s. 5880)*

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда ыймандуу аялдар Аллахтын бул буйругун ушунчалык кубаныч, каалоо менен кабыл алып, ошол замат моюн сунушкан эле.

Мусулмандардын ушундай бекем баш ийүүчүлүгү каапырларды ар доордо тынчсыздандырган. Себеби алар дайыма эң абройлуу, эң сөзү өткөн адамдар болгулары келген. Ошондуктан ыймандуулардын Аллах тандаган адамга баш ийиши жана мында бекем болушу алардын ыймандууларга душман болушунун бир себеби болгон. Ушул себептен ыймандууларга жана алар баш ийген элчилерге шылдың толо сөздөр менен кол салышкан:

**«Сага катардагы төмөн адамдар ээрчип жатканда, ишенмек белек?» дешти. (Шуара Сүрөсү, 111)**

**Коомунан алдыңкысы болгон каапырлар: «Биз сенин биздей эле бир адам экениңди көрүп турабыз; сени ою пас эң төмөндөрүбүздүн ээрчип жатканын көрүп жатабыз жана силердин бизден бир артыкчылыгыңарды көргөн жокпуз. Тескерисинче, биз силерди жалганчылар деп ойлойбуз» дешти. (Худ Сүрөсү, 27)**

Аяттарда да билдирилгендей, каапырлардын эң негизги каалоолорунун бири – бул өздөрүн эң жогоруга коюшу. Бирок алар өздөрүн канчалык жогору көрүшсө да, чынында акылсыздык менен өмүр сүрүшөт. Эң негизгиси түбөлүк акырет жашоосунун ордуна кыска бир дүйнө жашоосунда жете турган кызмат ордун, акчаны, мал-мүлктөрдү, абройду тандашат. Бул дагы алардын акылсыздыгынын эң чоң далилдеринин бири.

# КААПЫРЛАР ЭҢ БИРИНЧИДЕН ПАЙГАМБАРЛАРДЫ МАКСАТТАШАТ

**Т** арых бою ар доордо каапыр (чындыкты калпка чыгарган) адамдар болгон жана ал адамдар Аллахтын динине жана ыймандууларга каршы күрөшүшкөн. Бул – Аллахтын өзгөрбөс мыйзамы. Каапырлардын ыймандууларга каршы колдонгон күрөш ыкмалары белгилүү жана булардын негизгилеринин бири – бул шылдыңчылдык. Ал тургай, шылдың кылганда колдонгон тактикалары жана сүйлөгөн сөздөрү да дайыма окшош. Бул чындык Куранда мындайча айтылат:

**Фараон (коому), андан мурункулар жана жер менен жексен болгон шаарлар (калкы да баары) ошол ката менен (тарых сахнасына) келишти. Ошентип Раббилеринин элчисине баш көтөрүштү... (Хакка Сүрөсү, 9-10)**

Аяттарда көңүл бурулгандай, кылымдар бою каапырлар дайыма окшош, көтөрүлүшчү мамиледе болушкан. Фараон, Эбу Лехеб, Фараондун коому, Нух Пайгамбар (а.с.)дын коому, Ад коому, Семуд коому, Лут коому жана башкалар – Куранда дайыма пайгамбарларга карата колдонгон чектен чыккан, шылдыңчыл сөздөрү менен эскерилген жана аягында мындай жаман «тайманбастыктан» улам кыйраган коомдор. Ал адамдар пайгамбарларды эле эмес, дин менен байланыштуунун баарын, ибадаттарды, намазды, диндин өкүмдөрүн акылсыздык менен шылдыңдашкан. Бирок, албетте, Куранда кабар берилгендей, аягында кыйроого дуушар болгон, кыйратылгандардан болушкан.

Өтмүштөгү коомдордун элчилерине болгон мындай мамилелери Куранда көп айтылган бир чындык:

**Кайран ошол пенделер; аларга бир элчи келсе эле, сөзсүз аны шылдың кылышчу. (Йасин Сүрөсү, 30)**

**Аларга кайсы бир элчи келсе эле, сөзсүз аны шылдың кылышчу. (Хижр Сүрөсү, 11)**

Көрүнүп тургандай, пайгамбарларга ушундай аңкоолук менен жана урматсыз мамилелерди көрсөтүү – каапырлардын белгилүү бир мүнөзү. Ар доордо ушундай кылганы көрүнүп турат. Бүт бул коомдордун текеберленишинин жана аягында шылдыңчылдыкка барышынын себеби болсо шайтан. Шайтан жер бетинде Куран ахлагынын жашалышын каалабагандыктан, адамдарды уятсыздыкка, дин ахлагына каршы мамилелерге чакырат. Шылдыңчылдык да – ушундай жаман нерселердин бири.

Ал эми пайгамбарлар болсо – бул акыйкат динди жашаган жана башкаларга жеткирген адамдар. Адамдарды шайтан жана анын тузактары менен эскерткен жана аларга шайтандын каапыр системасына баш ийбөөнү үйрөткөн адамдар. Ушул себептен шайтан каапырларды эң биринчиден пайгамбарларга каршы күрөшүүгө багыттайт. Адамдарды пайгамбарларга каршы чыгууга жана шылдыңчыл иш-аракеттерге чакырат. Коомдордун арасында пайгамбарларга каршы күрөшкөн, аларды шылдыңдаган адамдар – мына ошол шайтанды ээрчиген адамдар.

Бирок шайтандын бул аракеттеринин эч натыйжа бербешин унутпаш керек. Тескерисинче каапырлардын мындай шылдыңчыл мамилелери, көңүлгө тийүүчү сөздөрдү айтышы элчилердин акыреттеги даражаларын жогорулатып, Аллахтын ыраазылыгына жана немат-жакшылыктарына жетишине себеп болот. Бул куттуу инсандар аларга жасалган жаман мамилелерге сабыр кылганы үчүн Аллахтан сонун бир сыйлык үмүт кылышат. Туура туура эместен бөлүнө турган «дин күнү» келгенде, эки тарап тең жообун алат. Элчилер менен жанындагы ыймандуулар акыретте сыйлык алышса, дүйнөдө аларды шылдыңдоону өздөрүнө жакшы бир иш деп ойлогон каапырлар жаза алышат. Бул натыйжа үчүн Аллах алар үчүн белгилеп койгон белгилүү бир убакыт гана бар, жана бул мөөнөт өтүшү керек. Бул Куранда кабар берилген бир чындык:

**Каапырларга дүйнө жашоосу жагымдуу кылынды (коолдолду). Алар ыйман келтиргендердин кээ бирлерин шылдыңдашат. Бирок коркуп-тартынгандар кыямат күнү алардан жогору. Аллах каалаганына эсепсиз ырыскы берет. (Бакара Сүрөсү, 212)**

**Ант болсун, сенден мурунку элчилер да шылдың кылынды, ошондо Мен ал баш тарткандарга бир мөөнөт бердим, кийин аларды (катуу) кармадым. (Бул) Жыйынтык кандай эле? (Рад Сүрөсү, 32)**

Аяттардан көрүнүп тургандай, караңгы, сабатсыздардын элчилерди шылдыңдашы – Аллах Куранда билдирген бир мыйзам. Тарых бою бүт пайгамбарлардын башына келген бул окуя алардын күрөшүү чечкиндүүлүгүн жана каалоосун гана көбөйткөн. Пайгамбарлар Аллахтын адилеттүүлүгүнө ишенгендиктен, шылдыңчыл каапырлардын акыретте татыктуу жазаны алышаарын да билишет. Ошондуктар каапырлар жана алардын башчысы шайтан эч максатына жете албайт. Аллах Куранда каапырлардын элчилер менен болгон мындай күрөшүнүн алардын «аңкоолугун» көрсөтөөрүн төмөнкүчө кабар берген:

**Биз элчилерди сүйүнүчтүү кабар айтуучулар жана эскертүүчүлөр кылып гана жөнөтөбүз. Каапырлар болсо акыйкатты батыл (жалган) менен жараксыз кылуу үчүн күрөшүшүүдө. Алар Менин аяттарымды жана эскертилгендерин (азапты) шылдың кылышты. Ага Раббиңдин аяттары насаат менен эскертилгенде, жүз бурган жана колдорунун алдынан жөнөткөндөрүн (амалдарын) унуткандан да**

**заалымыраак барбы? Биз чындыгында, жүрөктөрүнө аны аңдап-түшүнүүлөрүнө тоскоол болгон бир парда (тарттык), кулактарына бир оордук койдук. Сен аларды туура жолго чакырсаң да, алар түбөлүккө чейин эч туура жолду (хидаят) таба алышпайт. (Кехф Сүрөсү, 56-57)**

Куранда каапырлардын өзгөчө кайсы учурларда мындай бир услупка бараары, кандай ыкмаларды колдоноору да көп мисалдар менен билдирилген. Алдыда каапырлардын элчилерге көрсөткөн жаман шылдыңчыл мамилеси жана мунун натыйжасында алган басмырлоочу жазасы баяндалат.

## АЛЛАХ ТАНДАГАН ЭЛЧИНИ ӨЗ ОЙЛОРУНДА ЖАКТЫРБАШЫ

Дин ахлагынан алыс коомдордо адамдардын баалуулуктары мал-мүлк, акча, атак-даңк, кызмат орду жана даражасы сыяктуу материалдык кызыкчылыктарга таянат. Ушул себептен бул коомдорго элчи жөнөтүлгөндө адамдардын көпчүлүгү ушул критерийлерге карап баалашат. Эгер элчиде бул материалдык өзгөчөлүктөрдү өз ойлорунда жетишсиз деп ойлошсо, аны Аллахтын тандаганын, аларга жол башчы катары жөнөтүлгөнүн кабыл алгылары келбейт. Бул адамды Аллахтын тандаган болушу, анын Аллахтан корккон жана жакшы адеп-ахлактуу болушу алардын туура эмес көз-карашы боюнча маанилүү эмес. Элчинин жакшы тараптарын жана жогорку адептүүлүгүн байкабагандыктан жана текебер болушкандыктан, анын тандалган болушу аларга оор келет. Анын өздөрүнөн жогору экенин, аларды туура жолго чакырганын тастыктап, ага моюн сунуунун ордуна баш көтөрүүчү жана шылдыңчыл мамилени тандашат. Аллах Куранда каапырлардын мындай мамилесин мындайча кабар берген:

**Сени көргөндө, сени шылдың гана кылышууда: «Аллахтын элчи кылып жөнөткөнү ушулбу?» (Фуркан Сүрөсү, 41)**

Аяттан көрүнүп тургандай, бул адамдар элчини өздөрүнүн туура эмес системасына карата баалашып, жактырышпоодо. Бул жөнүндөгү башка бир аят мындай:

**Каапырлар сени көргөндө, сени шылдың гана кылышууда (жана:) «Силердин кудайларыңарды тилдеген ушулбу?» (дешет.) Чынында болсо Рахман (Аллах)тын сөзүн (Китебин) жокко чыгаргандар ошолор. (Анбия Сүрөсү, 36)**

Куранда бул жөнүндө башка мисалдар да берилген. Аз. Муса (ас) Фараондун коомуна элчи кылып жөнөтүлгөндө, Фараон менен коому пайгамбарларын шылдыңдоо жолун тандашкан. Мунун себеби – алардан жакыр көрүнгөн Муса Пайгамбардын (ас) элчи кылып тандалышы жана аларды акыйкат динге чакырышы. Алардын батыл (жалган) динин өзгөртүүнү көздөлүшү ал каапырлардын текебердигине оор келген.

Мындан улам тарыхтагы бардык каапырлар сыяктуу пайгамбарларын шылдыңдап башташкан:

**Фараон коомунун ичинде кыйкырды; “Эй коомум, Египеттин мүлкү менен мобул астымдан агып жаткан дарыялар меники эмеспи? Дагы эле көрбөйсүңөрбү?” деди. “Же мен ушунан жакшыраак эмесминби, ал төмөн (класстан) бир байкуш жана дээрлик (оюн) түшүндүрө албаган (бир адам).” “Эми (эгер чынчыл болсо), үстүнө алтындан билериктер ташталышы же жанында аны менен бирге периштелер келиши керек эмес беле?” (Зухруф Сүрөсү, 51-53)**

Жогорудагы аяттардан көрүнүп тургандай, Фараон каапыр мүнөзүнүн бардык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон. Аз. Муса (ас)ды өзүнүн караңгы критерийлерине жараша баалап, анын жогорку адебин жана Аллахка жакындыгын түшүнө алган эмес. Колундагы мал-мүлктөрүн саноо менен коомуна таасир берүүгө аракет кылган. Жана ушундайча караңгылыктын адашкан критерийлерин негиз алуу менен өзүнүн жогору экенин далилдейм деп ойлогон.

Бул мисалдан да көрүлгөндөй, каапыр мүнөздүү адамдардын ою боюнча, эгер элчилик же бир өкүмдарлык бериле турган болсо алардын арасынан бирөөгө берилиши керек. Ошондуктан, пайгамбарларга берилгендерди кызганышат. Ошол замат шылдың жана жаман сөздөрдү сүйлөп башташат. Мисалы, **«Зикир (вахий) арабыздан ага калды беле? Жок, ал абдан жалган айткан, өзүн жакшы көргөн бир көпкөн адам.»** (Камер Сүрөсү, 25) аятындагы сыяктуу, элчиге бир катар жаман жалааларды жабышат. Бирок пайгамбарлар – абдан сонун мүнөздүү, Аллахтын буйрук жана тыюуларына абдан кылдат, абдан жөнөкөй жана бүт кудуреттин бир гана Аллахка тиешелүү экенин билген адамдар. Мындай жалаалар болсо аларды кызганган караңгы адамдардын далилсиз айыптоолору гана.

Ишенбеген адамдардын пайгамбарларга жапкан жалааларынын бири – бул «акылсыздык». Муну да шылдыңчылдык менен айтышат. Куранда бул жөнүндө мындай бир мисал берилген:

**Коомунун алдыңкыларынан каапырлар: «Чынында биз сени «кем акыл» көрүп жатабыз жана чынында биз сени жалганчылардан деп ойлойбуз» дешти. (Худ:) «Эй коомум» деди. «Менде «кем акылдык» жок; бирок мен чынында ааламдардын Раббинен бир элчимин» деди. (Аьраф Сүрөсү, 66-67)**

Худ Пайгамбарга (ас) жабылган бул жалаа дээрлик бүт доорлордо Аллахтын элчилерине айтылган бир доомат. Каапырлардын жогорудагы сөздөрүндөгү шылдыңчылдык ачык көрүнүп турат. Чынында болсо элчилер абдан акылдуулугу менен белгилүү адамдар. Каапырлардын мындай айыптоодогу максаты болсо – бул коомдорун алардан алыстатуу. Башкача айтканда, элчиге моюн сунууларына тоскоол болуу менен өз

кызыкчылыктарын коргоо. Куранда бул жалаанын дагы көп пайгамбарларга айтылганы жөнүндө мисалдар бар:

**(Фараон:) «Шексиз, силерге жөнөтүлгөн элчиңер чынында бир жинди» деди. (Шуара Сүрөсү, 27)**

**«Ал бир жинди адам гана, аны белгилүү мөөнөт акмалап тургула.» (Мүминун Сүрөсү, 25)**

Бул мисалдар да көрсөткөндөй, элчилердин же ыймандуулардын бирине «жинди» же «акылы кем» деген жалаа жабылышы – негизи өтмүштө бүт пайгамбарларга айтылган жалаа жана шылдың болгондуктан, чоң бир кадыр-барк. Каапырлар мындай жалаалары менен ыймандуулардын күчүн, чечкиндүүлүгүн азайтып, алардын сооп иштерине тоскоол боло алабыз деп ойлошот. Бирок ыймандуулар үчүн шылдыңдалуунун жоромолу жана аларга берген таасири такыр башка. Караңгы адам аны шылдыңдаганда мындан улам басынып, кыйналат. Ыймандуулар болсо тарых бою бүт ыймандууларга жана элчилерге айтылган сөздөрдүн аларга да айтылышынын алардын туура жолдо экендигинин дагы бир көрсөткүчү катары түшүнөт жана мындан улам кубаныч сезишет. Мындан тышкары, каапырлардын мындай түшүнбөстүгү жана уятсыздыгы алардын күчүн көбөйтөт жана дин ахлагын жайууга болгон бекемдигине, чечкиндүүлүгүнө себеп болот.

## ЭЛЧИНИН ЖАНА ЫЙМАНДУУЛАРДЫН КУРАН АХЛАГЫНДА БОЛУШУН ШЫЛДЫҢДАШЫ

Ыймандуулар Аллахтын буйрук жана тыюуларына жараша жашашса, каапырлар тескерисинче напсилерине карап жашашат. Напси болсо жакшы мүнөздүү болууну, таза, намыстуу, чынчыл, чын ыкластуу, адилеттүү, толеранттуу, токтоо, боорукер болууну каалабайт. Тескерисинче уятсыздыкты, калпычылыкты жана ар кандай жаман мүнөздөрдү адамдарга кадыресе көрсөтөт. Ушул себептен, ыймандуулардын жакшы жана таза болушу, жана мындагы чечкиндүүлүгү каапырларга көп жакпайт. Ыймандуулардын сонун мүнөздүү мамилелерин көргөндө, өздөрүнүн мүнөздөрүнүн жаман экенине дагы бир жолу күбө болушат. Бирок текебер болушкандыктан, муну кабыл алгылары келбейт. Алардын Куран ахлагына ылайык иш-аракеттерин көргөндө, жаман жана шылдыңчыл сөздөрдү айтуу менен ыймандуулардын сонун мүнөзүн басмырлоого аракет кылышат. Каапырлардын мындай мамилеси жөнүндө Куранда мындай бир мисал берилген:

**Коомунун жообу: «Лут бүлөсүн шаарыңардан сүрүп чыгаргыла. Таза калгысы келген адамдар имиш» деген гана болду. (Намл Сүрөсү, 56)**

Белгилүү болгондой, Лут Пайгамбар (ас) жөнөтүлгөн коом жыныстык бузукулуктарды жасаган, чектен чыккан бир коом эле. Аз. Лут (ас) аларды акыйкатка, туура жолго, жакшылыкка жана тазалыкка көп жолу чакырса да, алардан баш тартышып, пайгамбарларына баш көтөрүшкөн. Аз. Лут (ас) туура жолго чакырууну улантканда болсо чектен чыгуулары абдан күчөп, элчини жана ыймандууларды мекендеринен сүргүн кылуу чечимин алышкан. Муну кылып жатып алардын тазалыгын жана намыстуулугун шылдыңдашкан. Бирок, албетте, башка бардык чектен коомдорго берген сыяктуу, Аллах бул коомго да кылгандарынын жазасын берген жана аларды кыйраткан. Каапырлардын жалааларына, шылдыңчыл мамилелерине сабыр кылган ыймандууларды болсо сонун бир сыйлык менен сүйүнчүлөгөн. Б.а. Лут Пайгамбарга (ас) жана аны менен бирге айыпталган бардык ыймандууларга каапырлардан көргөн бул мамиле улуу бир кадыр-барк болуп кайткан. Өздөрүн Мусулмандардан жогору көргөн ал адамдарга чыныгы кадыр-барк жана абройдун кимге тиешелүү экенин Аллах Куранда мындайча билдирген:

**«Ант болсун, Мадинага кайтсак, күчү жана кадыр-баркы көп болгондор кедей жана алсызды, албетте, ал жерден сүрүп-чыгарат.» дешет. Чындыгында болсо ызаат (күч, кадыр-барк жана улуулук) Аллах, Анын Элчиси жана момундарга тиешелүү. Бирок мунафыктар билишпейт. (Мүнафикун Сүрөсү, 8)**

**Ким ызаатты (кадыр-барк) кааласа, бүт ызаат Аллахка тиешелүү. Жакшы сөз Ага көтөрүлөт, ыкластуу амал да аны көтөрөт. Жамандыктарды ойлоп түзгөндөр болсо; алар үчүн оор бир азап бар. Алардын түзгөндөрү (пландары) «текке кетип бузулат». (Фатыр Сүрөсү, 10)**

## ЭЛЧИНИН ИШТЕРИН ШЫЛДЫҢДАШАТ

Каапырлар да, мүнафыктар да ыймандуулардай таза акылга ээ болбогондуктан, алардын кылган иштерин түшүнө алышпайт. Дүйнөгө тиешелүү кээ бир нерселерди түшүнө алгандыктан, өздөрүн абдан акылдуу элестетишет. Дин менен байланыштуу чындыктарды түшүнүүдө алсыз экенин кабыл алгылары келбейт. Дин ахлагынан алыс адамдардын «акылы жетпес» адамдар болоорунун Аллахтын өзгөрбөс бир мыйзамы экенин түшүнө алышпайт. Өздөрүнүн байкуш абалда экенин байкай албагандыктан, кадимки каапыр мүнөзүн көрсөтүү менен өздөрүн жогору сезишет жана Аллахтын элчилерин шылдыңдашат. Куранда мунун мисалдарын көп көрүүгө болот. Мисалы, Шуайб Пайгамбар (ас) жөнөтүлгөн коомун жаман иштерден тоскондо, алар катуу каршы чыгышып, аны шылдыңдашкан. Негизи өз коому да Шуайб Пайгамбардын (ас) сонун ахлактуу бир адам экенин абдан жакшы билчү. Бирок Аз. Шуайб (ас) алардын напсилерине терс келген бир нерсени буйрук кылгандыктан ошол замат каршы чыгышкан. Пайгамбардын Аллахка ибадат кылышын шылдыңдашкан:

**«Эй Шуайб, аталарыбыз сыйынган нерселерди таштоону же мал-мүлкүбүз**

**жөнүндө каалаганыбызды кылуудан баш тартышыбызды сенин намазың буйрук кылып жатабы? Себеби сен чынында жумшак пейилдүү, акылы жайында (чынчыл бир адам)сың» дешти. (Худ Сүрөсү, 87)**

Муну менен байланыштуу Курандагы башка бир мисал болсо Нух Пайгамбар (ас) убагында болгон. Аллах Аз. Нух (ас)га коомуна келе турган азаптан сактанышы үчүн бир кеме жасашын буйрук кылган. Аз. Нух (ас) кемени жасап баштаганда коомунун каапырлары бул ишин шылдыңдап башташкан:

**Нухка вахий кылынды: «Чынында ыйман келтиргендерден башка эч ким ишенбейт. Демек алардын кылгандары үчүн кайгырба. Биздин көзөмөлүбүз астында жана вахийибиз менен кемени жаса. Зулумдук кылгандар жөнүндө Мага кайрылба. Себеби алар сууга чөгүшөт.» Кемени жасап жаткан. Коомунун алдыңкылары ага жолуккан сайын Аны шылдыңдап жатышкан. Ал: «Эгер бизди шылдыңдасаңар, (силер) шылдыңдаган сыяктуу биз да силерди шылдыңдайбыз» деди. «Эми келечекте билесиңер. Басмырлоочу азап кимге келет жана тынымсыз азап кимди басат.» (Худ Сүрөсү, 36-39)**

Аягында Аллахтын Нух Пайгамбар (ас)га болгон убадасы ишке ашып, Нух коому басмырлоочу бир азап менен кыйратылган. Ал адамдар бул дүйнөдө жашап турган кезде Аллахтын кудуретин түшүнө алышкан эмес. Акылсыздыгы себебинен Аллахтын азабын алыс көрүшүп, дүйнөдөгү мал-мүлк жана күчү менен ал азаптан кутула алабыз деп ойлошкон. Ушундан улам Аллахтын буйругун аткарган ыймандууларды шылдыңдашкан. Бирок шылдыңдары өздөрүнө кайтып, каапырлар кылгандарынын жазасын бул дүйнөдө эле абдан катуу алышкан. Ошондой эле аларды күткөн акырет азабы бар; Аллах акыреттеги азаптын дүйнөдөгүгө салыштырмалуу абдан күчтүү экенин Куранда көп жолу кабар берген. Бул да көрсөткөндөй, ыйман келтиргендерди шылдыңдагандар кылгандарынын жазасын сөзсүз алышат.

## КЕРЕМЕТ ТАЛАП КЫЛЫП КЫЙЫНЧЫЛЫК ЧЫГАРЫШЫ

Каапырлардын элчилерге карата мамилелеринин бири – бул алардан керемет алып келүүсүн талап кылуулары. Бул талабыбыздын ишке ашышы мүмкүн эмес деп ойлошкондуктан, ушундайча элчилерди кыйын абалда калтырууну көздөшөт. Элчилер бул талапты аткара албай элдин көзүнчө уят болушат деп ойлошот. Бул жөнүндө Куран аяттарынын кээ бирлери төмөнкүлөр:

**(Мындай) Дешти: «Сен сыйкырлангандардан ганасың». «Сен бизге окшош эле адамсың жана биз сени чынында жалганчылардан деп ойлойбуз». «Эгер чынчыл болсоң, анда асмандан үстүбүзгө бир бөлүк түшүрүп жибер». (Ал) Айтты:**

**«Раббим кылганыңарды жакшыраак билет». Аягында аны калпка чыгарышты, ошентип аларды ошол көлөкөлүү күндүн азабы кармады. Чынында ал улуу бир күндүн азабы эле. (Шуара Сүрөсү, 185-189)**

**Каапырлар: «Ага Раббинден бир аят (керемет) түшүрүлгөндө кана!» дешет... (Рад Сүрөсү, 27)**

Негизи мындай талаптарынын түпкү себеби – бул алардын Аллах тандаган кишини жактырбаган, өздөрүн жогору көргөн адашкан пикирде болушу. Төмөнкү аяттарда каапырлардын төмөн акылдары менен пайгамбарларды жактырбаган мындай адашкан көз-карашы билдирилген. Каапырлар аяттарда кабар берилгендей, өздөрүн жогору көргөнүн ага шылдыңчыл талаптарды койуу менен билдиришкен:

**(Мындай) Дешти: «Бизге жерден булактар чыгармайынча сага эч качан ишенбейбиз». «Же сага тиешелүү курма жана жүзүмдөрдөн бир бакчаң болуп, арасынан шаркырап аккан дарыялар чыгарышың керек». «Же өзүң айткандай, асманды үстүбүзгө бөлүк бөлүк түшүрүшүң керек же Аллахты жана периштелерди алдыбызга (күбө катары) алып келишиң керек». «Же алтындан бир үйүң болушу керек же асманга көтөрүлүшүң керек. Бизге биз окуй ала турган бир китеп түшүрмөйүнчө сенин көтөрүлгөнүңө да ишенбейбиз». Айткын: «Раббимди улуулайм; мен элчи кылынган бир адамдан башкасы эмесмин». Аларга хидаят (туура жол) келгенде, адамдарды ишенүүдөн (ыймандан) алардын: «Аллах элчи кылып бир адамды жөнөттүбү?» деген сөздөрү гана тосуп койду. (Исра Сүрөсү, 90-94)**

Жогоруда да айтылгандай, мындай талаптар жана шылдыңчыл мамилелер өтмүштө жашаган жана мындан кийин жашай турган бардык каапырлардын орток өзгөчөлүгү. Булар Аллах Куранда кабар берген окуялар. Ар доордо Аллахтын элчилерине жана диндар адамдарга ушундай күрөш ыкмалары колдонулган. Бирок каапырлардын мындай аракеттери эч качан алар каалаган натыйжаны берген эмес. Эмки бөлүмдөрдө тереңирээк карала тургандай, Аллах каапырлардын тузактарын, пландарын дайыма бузган жана аларды күтпөгөн азаптар менен кармаган.

**Ант болсун, алардан азапты белгилүү бир коомго (же белгилүү бир мөөнөткө) чейин кечиктирсек, сөзсүз: «Аны тоскон эмне?» дешет. Кабарыңар болсун; аларга бул келе турган күнү алардан кайра тосулбайт жана шылдыңдап жаткан нерселери аларды бекем оройт. (Худ Сүрөсү, 8)**

**Азап жөнүндө сени шаштырып жатышат. Эгер белгиленип коюлган бир ажал (бир мөөнөт) болбогондо, аларга азап келген болсо керек эле. Бирок алар билбей**

**турганда, аларга байкатпай келип калат. Азап жөнүндө сени шаштырып жатышат. Чынында болсо тозок ал каапырларды чынында ороп-турат. Азап аларды үстүлөрүнөн жана буттарынын астынан орой турган күнү (Аллах): «Кылгандарыңарды таткыла» дейт. (Анкебут Сүрөсү, 53-55)**

**«Эгер чындыкты айтып жатсаңар, бул убада кылынган (азап) качан?» дешет. Айткын: «Балким шаштырып жатканыңардын (азаптын) бир бөлүгү силерге келип да калгандыр». (Намл Сүрөсү, 71-72)**

# КААПЫРЛАРДЫН ШЫЛДЫҢДАРЫНА САБЫР КЫЛУУ – ЫЙМАНДУУЛАР ҮЧҮН КАДЫР-БАРК

К итептин башынан бери тарых бою дээрлик бүт доордо каапырлардын ыйман келтиргендерге шылдыңчыл мамиле кылганына токтолдук. Жана каапырлардын мындай мамилесинин эч натыйжа бербешин айттык. Бирок муну тереңирээк кароо пайдалуу болот деп ойлойбуз.

Караңгы коомдо бир адам шылдыңдалганда, ага жалаа жабылганда же ал адамга кылбаган нерселери доомат кылынганда, ал адам мындан кайгырып, кыйналат. Муну билген караңгы коом адамдары бир адамдын чечкиндүүлүгүн кайтаруу, аларды алсыздатуу максатында бул ыкманы колдонушат. Ыймандууларга каршы шылдыңчылдык куралын колдонуунун максаты да ушул. Бирок каапырлардын ыймандууларга карата күткөн натыйжаны алышы эч мүмкүн эмес. Себеби каапырлардын шылдыңчыл мамилелерине, сөздөрүнө, куру дооматтарына кабылуу ыймандуулар ансыз да күткөн көрүнүш. Каапырлардын мындай кылаары Куранда ыймандууларга кабар берилген жана ыймандуулар буга карата эскертилишкен:

**Ант болсун, мал-мүлктөрүңөр жана жандарыңар менен сыналасыңар жана силерден мурда китеп берилгендерден жана шерик кошуп жаткандардан албетте абдан кыйноо берүүчү (сөздөр) угасыңар. Эгер сабыр кылып, сактансаңар (бул) буйруктарга болгон бекемдиктен. (Али Имран Сүрөсү, 186)**

Көрүнүп тургандай, Аллах ыймандууларды мындай абал менен так эскерткен. Ошондуктан каапырлардын аларды шылдыңдашы – ыймандуулардын ыйманынын анык бир көрсөткүчү. Ушул себептен Аллахка ыйман кылган бир адам мындай окуяга кабылганда кайгыруу мындай турсун, тескерисинче сүйүнөт жана ал тургай Аллахтын убадасы ишке ашкандыктан адамдын ыйманы көбөйөт. Б.а. каапырлардын ыймандууларды шылдыңдашы кээ бирлер ойлогондой алардын зыянына болбойт. Тескерисинче, Аллах жараткан бүт окуялар сыяктуу, бул аларга бир жакшылык. Алардын ахлактарынын жогорулугун, ыймандарынын тереңдигин жана акыреттеги даражаларын жогорулаткан бир окуя.

Демек ыймандуулар дин ахлагынан алыс адамдардын шылдыңчыл мамилелерине кайгырышпайт. Андай мамилелер алар үчүн бир мээрим гана жана ыймандуулар сабыр кылуу менен Аллахтын ыраазылыгын жана бейишин үмүт кылышат. Башка бир аятында Аллах ыймандууларга мындай абалга сабыр кылуулары керек экенин мындайча билдирген:

**Алардын сөздөрүнө сен сабыр кыл жана алардан жакшы бир бөлүнүү (жакшы сөз жана мамиле) менен бөлүнүп-кет. (Мүземмил Сүрөсү, 10)**

Ошондой эле ыймандуулардын кубанычын көбөйтө турган дагы бир нерсе – бул Аллахтын шылдыңдагандарга каршы ыймандууларга жардам берем деп убада кылышы. Аллах бул чындыкты **«Шексиз, ал шылдың кылгандарга (каршы) Биз сага жетебиз.»** (Хижр Сүрөсү, 95) аяты менен сүйүнчүлөгөн. Шексиз бул ыймандууларга абдан ишеним берет. Куран ахлагын жашабаган адамдар ыймандууларга өз ойлорунда зыян берүү үчүн эмне гана кылышпасын, максатына жете алышпайт. Бүт кылгандары ыймандуулардын пайдасына болот. Себеби бир аятта кабар берилгендей, **«...Аллах каапырларга ыймандуулардын зыянына эч качан жол бербейт.»** (Ниса Сүрөсү, 141). Аллах башка аяттарында да ыймандууларга болгон колдоосун мындайча кабар берген:

**...Шексиз, туура жол (рүшд) адашуучулуктан апачык ажыратылган. Эми ким таагуттан баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, эч качан ажырап кетпей турган, абдан бекем бир тутканы кармаган болот. Аллах – угуучу, билүүчү. Аллах ыйман келтиргендердин велиси (досу). Аларды караңгылыктардан нурга чыгарат; каапырлардын велилери болсо тагут. Аларды нурдан караңгылыктарга чыгарышат. Мына ошолор – оттун (тозоктун) калкы, ал жерде түбөлүк калышат. (Бакара Сүрөсү, 256-257)**

Ошондой эле дагы бир нерсени айта кетүү керек: ыймандуулар – каапырлардын ар кандай жалаа-сыпаттоолорунан алыс, жогорку адеп-ахлактуу адамдар. Мындай сонун мүнөзүнүн сыйлыгын болсо дүйнө жана акыретте алышат. Дүйнөдө шылдың болуу ыймандуулардын жогорулугун, иш-аракеттеринин күчүн жана каапырларга катуу таасир бергенин көрсөтөт. Бул ошол эле учурда эл оозунда көп айтылган «мөмө берген дарак таш жейт» сөзүнүн да бир мисалы.

Алардын акылынын күчүн, жогору адеп-ахлагын көргөн каапырлар ыймандуулардын жолун тосууга, аларды жалган жалаалар менен жамандоого аракет кылышат. Себеби ыймандуулардын дүйнөгө тынчтык жана тартип алып келээрин билгендиктен, өз ойлорунда алдын-ала чара көрүп буга тоскоол болууга аракеттенишет. Мисалы, ыймандуулардын Куран ахлагын айтып беришин, адамдарга бул багытта маалымат беришин шылдыңдашат. Же алардын Аллахтын бар экендигинин далилдерин жеткирүү үчүн кылган иш-аракеттерин шылдың кылышат. Мындай кылуудагы алардын максаты - Аллах Куранда билдиргендей, **«акыйкатты батыл (жалган) менен жараксыз кылуу»** каалоолору (Кехф Сүрөсү, 56). Бирок Аллах Куранда Мусулмандарга мындай сүйүнчү айткан:

**Айт: «Чындык келди, батыл (жалган) жок болду. Эч шексиз, батыл жок болуучу.» (Исра Сүрөсү, 81)**

**Жок, Биз чындыкты батылдын үстүнө таштайбыз, ал (чындык) анын (батылдын) мээсин талкалайт. Бир карасаң, ал жок болуп кеткен болот. (Аллахка карата) Мындай сыпаттаганыңар үчүн силерге азап болсун. (Анбия Сүрөсү, 18)**

# АЛЛАХ КААПЫРЛАРДЫ ДҮЙНӨДӨ УЯТ КЫЛАТ

Д ин ахлагынан алыс жашаган адамдардын динге жана Аллахтын аяттарына болгон шылдыңчыл мамилеси, жөнөтүлгөн элчилерди жана элчилердин жанындагы ыймандууларды шылдыңдашы дүйнө тарыхы бою уланып келген бир көрүнүш. Аллахтын кудуретин жана улуулугун түшүнө албаган бул адамдар кылгандарынын жазасын сөзсүз алаарын билмексен болушуп, коркпостон өмүр сүрүшкөн. Бирок Куранда бул адамдардын өздөрүнөн алыс көргөн азаптарга сөзсүз кабылаары кабар берилген:

**Аларга акыйкат келгенде, аны жалганга чыгарышты; бирок шылдың кылгандарынын кабары аларга келет. (Энъам Сүрөсү, 5)**

**Ант болсун, сенден мурдакы элчилер да шылдыңдалышты, бирок араларынан басмырлагандарды ошол шылдыңдаган (азап) ороп-курчап калды. (Анбия Сүрөсү, 41)**

**...Коомунун алдыңкылары ага жолуккан сайын Аны шылдыңдап жатышкан. Ал: «Эгер бизди шылдыңдасаңар, (силер) шылдыңдаган сыяктуу биз да силерди шылдыңдайбыз» деди. «Эми келечекте билесиңер. Басмырлоочу азап кимге келет жана тынымсыз азап кимди басат.» (Худ Сүрөсү, 38-39)**

Ал адамдар кылган күнөө-кылмыштарынын жазасын сөзсүз акыретте көрүшөт, бирок дүйнөдө жашап жаткан кезде да бул жаза аларга жетип келет. Алар динди, Мусулмандарды, Аллахтын элчилерин жана аяттарын шылдыңдап жатышканда, негизи Аллах аларды шылдың кылат. Аллах бул чындыкты бир аятында ачык кабар берген:

**(Чындыгында) Аллах аларды шылдың кылат жана чектен чыгуулары ичинде адашуу менен жүрүүлөрүнө (белгилүү бир) убакыт берет. (Бакара Сүрөсү, 15)**

Негизи бул каапыр (баш тартуучу) адамдар жогорудагы аяттарда билдирилгендей, аларга берилген мөөнөткө алдануу менен абдан чоң бир тузакка түшүшкөн. Өмүр бою дин ахлагына, Аллахтын элчилерине жана ыймандууларга каршы күрөшүшкөн жана мындан улам эч жаза албайбыз деп ойлошкон. Бирок бул дүйнөдө канчалык текеберленишсе да, Аллах белгилеген мөөнөттө жан беришет жана топурактын астына көмүлүшөт. Аллах алардын мактанган мал-мүлктөрүн жок кылат, денелери болсо топурактын астында чирип жок болот. Булардын баары сөзсүз болот, алар да бүт адамдар сыяктуу өлүшөт. Өлүмчүл болушу жана өздөрүнөн өлүмдү алыстата албашы негизи

алардын канчалык алсыз абалда экендигинин маанилүү бир далили.

Ошондой эле, ал адамдарга өмүр бою да Аллах көптөгөн кыйынчылык, азап жана балээ берет. Алар өздөрүн жогору сезип жатышканда, баштарына келген окуялар менен негизи канчалык алсыз кулдар экенин көрүшөт. Аллах Куранда мындай абалга түшкөн каапырлар жөнүндө көп мисалдар берген. Алдыда Куранда айтылган бул шылдыңчыл адамдардан жана алардын кабылган натыйжасынан сөз кылынат.

## ШЫЛДЫҢЧЫЛДЫКТЫН АЯГЫ ЖӨНҮНДӨ КУРАНДАН МИСАЛДАР

Аз. Муса (ас) доорунда жашаган Фараон, белгилүү болгондой, баш көтөрүүчүлүгү жана көпкөндүгү менен тарыхта калган бир адам. Анын жана чөйрөсүнүн текебер мамилеси аяттарда мындайча сүрөттөлөт:

**Кийин Муса менен бир тууганы Харунду аяттарыбыз менен жана апачык бир далил менен жөнөттүк. Фараонго жана алдыңкы чөйрөсүнө; бирок алар текеберленишти. Алар «текеберленген-зомбулукчул» бир коом эле. (Мүминун Сүрөсү, 45-46)**

Фараон өзү акыйкатты жокко чыгарып, коомун да адаштырууга аракеттенген. Муса Пайгамбарды (ас) өз оюнда уят кылуу жана бүт адамдардын көз алдында аны шылдыңдоо үчүн атайын бир жолугушуу уюштуруп, бирок кайра өзү басмырланып калган. Жанындагы билимдүү сыйкырчыларын адамдар чогулган бир күнү Аз. Муса менен (ас) мелдештирип, натыйжада сыйкырчылар жеңет, Муса Пайгамбар (ас) болсо уят болот деп ойлогон. Бирок жыйынтык ал күткөндөй болбой, Аллах Аз. Муса (ас)ды себепчи кылуу менен сыйкырчылардын тузагын бузуп, Фараонду да анын жакын чөйрөсүн да уят кылган. Куранда бул окуя мындайча баяндалат:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келишти. Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. (Аьраф Сүрөсү, 116-118)**

Куранда Фараондун Аз. Муса (ас)га карата курган дагы көптөгөн тузагынын текке кеткени кабар берилген. Аллах Фараондун аягын да бүт адамдарга бир сабак катары Куранда мындайча билдирген:

**Биз Исраил урпактарын деңизден өткөрдүк; Фараон жана аскерлери көөп, душмандык менен (алардын) артынан кубалады. Суулар аны чөктүрө турган**

**деңгээлге жеткенде, (Фараон): «Исраил урпактары ишенген (ыйман келтирген) Кудайдан башка кудай жок экенине ишендим жана мен да Мусулмандарданмын» деди. Эмиби? Мурдалары болсо сен баш көтөргөн элең жана бузукулук чыгаргандардан элең. Бүгүн болсо сенден кийинкилерге бир аят (тарыхый бир далил, насаат) болушуң үчүн сени бир гана денең менен куткарабыз (бүт адамдарга өлгөн денеңди көрсөтөбүз)... (Йунус Сүрөсү, 90-92)**

Бул аяттардан апачык көрүнүп тургандай, Фараон эч күтпөгөн бир жыйынтыкка туш болгон. Абдан чоң толкундардын келе жатканын көргөндө абалдын олуттуулугун байкап, Аллахтан башка Кудай жок экенин түшүнгөн жана жалгыз корголоно турган күчтүн Аллах экенин түшүнгөн. Бүт өмүрүн текебердик жана Аллахка баш көтөрүү менен өткөргөн Фараон биринчи жолу ошондо Аллахка корголонуу муктаждыгын сезген. Бирок чын ыкластуу бир моюн сунуу болбогондуктан, кыйынчылык учурунда көрсөтүлгөн бир мамиле болгондуктан Аллах кабыл алган эмес. Себеби коркунуч же кыйынчылык учурунда Аллахка корголонуу жана кийин кайра шүгүрсүздүккө (нашүгүрдүккө) кайтуу дин ахлагында болбогон адамдардын маанилүү бир мүнөзү. Алар бүт жашоосун шылдың, баш көтөрүү жана зомбулукчулук менен өткөрүп, бир балээге кабылганда тообо кылып кутула алабыз деп ойлошот. Бирок Аллах алардын мындай планын текке кетирет.

Күч-кудуреттин, улуулуктун Аллахка тиешелүү экенин түшүнгөн Фараондун абалы да ушундай болгон. Ошол кезде «моюн сундум» деп айтуу менен кечирилем деп ойлогон Фараон абдан чоң жаңылыштык кылган. Кутулам деп ойлоп жатканда денесинин гана кутулушу жана ушундай абалы менен адамзатка сабак болушу ал үчүн чоң бир басмырлануу болгон. Аллах аны кийинки урпактарга сабак катары басмырлаган. Дүйнө жашоосунда Египеттин өкүмдары болгон, сарайларда жашаган, кол алдында сансыз кулу жана аскери бар, чоң бир күч жана байлык ээси болгон Фараондун бул күчү аны азоо толкундардан куткара алган эмес. Ошондой эле, айоолуу абалга түшүшүнө да тоскоол боло алган эмес. Ушундайча динге карата шылдыңчыл жана тоң моюн мамилесинин жазасын алган. Бул көрүнүшү менен Фараон шылдың кылган эмес, шылдың кылынган гана абалда. Фараон менен жакын чөйрөсүнүн аягы мунун маанилүү бир көрсөткүчү. Аятта мындайча буюрулууда:

**Фараон бүлөсүнүн жана алардан мурдакылардын баскан жолу сыяктуу. Алар Раббилеринин аяттарын жалганга чыгарышты; Биз болсо күнөөлөрүнөн улам аларды кыйраттык. Фараон аскерлерин сууга чөктүрдүк. Алардын баары зулумдук кылган адамдар эле. (Анфал Сүрөсү, 54)**

Ушул сыяктуу тарыхта көпкөндүгү менен атагы чыккан дагы көптөгөн коомду да Аллах ошого окшош абалга калтырган. Мисалы, көпкөндүгү менен аты чыккан Ад коому Аллах жөнөткөн азап менен кыйратылышкан. Абдан текебер болгон ал адамдар азаптан

соң «ичи бош курма дөңгөчтөрү сыяктуу» жерге кулашкан. Муну кабар берген аяттарда мындайча буюрулууда:

**Ад (коому)на келсек; алар жер бетинде чектен чыгып текеберленишти жана (мындай) дешти: «Күч-кубат жагынан бизден жогору ким бар?» Алар чынында аларды жараткан Аллахты көрүшкөн жокпу? Ал күч-кубат жагынан алардан жогору. Чынында болсо, алар Биздин аяттарыбызды (билип туруп) жокко чыгарышты. Ошентип Биз аларга дүйнө жашоосунда басмырлануу азабын таттыруу үчүн ошол бактысыз (балээ толо) күндөрү аларга «кулактарды жарган бир бороон» жөнөттүк. Акырет азабы болсо андан да (чоң) бир басмырлануу. Жана аларга жардам берилбейт. (Фуссилет Сүрөсү, 15-16)**

**Ад (калкы)на келсек; алар ышкырган, азоолуу бир бороон менен кыйратылышты. (Аллах) Аны жети түн жана сегиз күн тынымсыз аларды соктурду. Ошентип ал коомдун ал жерде ичи бош курма жыгачтарындай урулуп жерге жыгылганын көрөсүң. (Хакка Сүрөсү, 6-7)**

Аллах каапырларга дүйнөдө белгилүү бир мөөнөт берет, бирок алар чектен чыгууну жана шылдыңчылдыгын улантышса, бул мөөнөт бүткөн соң абдан күчтүү бир жаза берет. Өзгөчө Аллахтын элчилерине каршы жасалган кылмыштар сөзсүз жазасын алган. Аллах Мунтаким (өч алуучу) сыпаты менен элчисине жана ыймандууларга карата жасалган жаман, шылдыңчыл мамилелердин өчүн алган жана кылмышкер күнөөкөрлөрдү жазаландырган. Бир аятта Аллах муну мындайча кабар берген:

**Ант болсун, сенден мурунку элчилер да шылдың кылынды, ошондо Мен ал баш тарткандарга бир мөөнөт бердим, кийин аларды (катуу) кармадым. (Бул) Жыйынтык кандай эле? (Рад Сүрөсү, 32)**

Башка бир аятта болсо Аллах ыймандууларды шылдыңдаган ал каапырлардын кылган жамандыгынын өздөрүнө сөзсүз зыян алып келээрин кабар берген:

**Алардын кылгандарынын жамандыгы алар үчүн ачыкка чыкты жана шылдың кылган нерселери болсо аларды ороп-курчады. (Жасийе Сүрөсү, 33)**

Ушул жерге чейин айтылгандардан да көрүнгөндөй, динге жана ыйман келтиргендерге карата шылдыңчыл мамиле кылган адамдар Аллахтын азабынан кача алышпайт. Чектен чыккан, баш көтөргөн, өзүн жогору көргөн ар бир адам Аллах Куранда билдиргендей, дүйнөдө ар кандай балээлерге кабылат. Болгондо да, бул дүйнө жашоосунда гана берилген жаза, акыретте бериле турган жазанын болсо оорураак экени Куранда мындайча билдирилген:

**Анан жамандык кылгандардын акыбети, Аллахтын аяттарын жалганга чыгарганы жана шылдың кылганы үчүн, абдан жаман болду. (Рум Сүрөсү, 10)**

# КААПЫРЛАР БАЙКАБАГАН «УЛУУ ЧЫНДЫК»

М урдакы бөлүмдөрдө айтылгандай, каапырлардын дин ахлагына жана ыймандууларга карата шылдыңчыл мамиле кылууларынын эң негизги себептеринин бири – бул алардын бүт нерсеге дүнүйөлүк критерийлерге карата баа беришинде. Буга болсо алардын бул дүйнө менен гана жашоо бүтөт деп ойлошу жана бул дүйнөгө катуу берилиши себеп болот. Дин ахлагынан алыс жашаган адамдардын мындай маанайы Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**Анын коомунан (чындыкты) четке кагып акыретке барууну жалганга чыгарган жана аларга (Биз) дүйнө жашоосунда байлык берген алдыңкылар: «Бул силерге окшогон эле бир адам, бул дагы силер жегенден жеп жана ичкениңерден ичип жатат» дешти. «Эгер силерге окшогон бир адамга моюн сунсаңар, ант болсун, силер чынында кыйроого туш болосуңар.» «Ал өлүп, топурак жана сөөк болуп калганыңарда, силерди сөзсүз (кайрадан тирилтилип) чыгарыласыңар деп убада кылып жатабы?» «Аттиң, силерге убада кылынган нерсеге аттиң...» Ал (бүт чындык) – биздин дүйнө жашообуз гана; өлөбүз жана жашайбыз, биз тирилтилбейбиз. (Мүминун Сүрөсү, 33-37)**

Мына ушундай ач көздүк себебинен каапырлар аңкоо абалга түшүшөт. Айланасында көргөн нерселерди Аллахтан көз-карандысыз деп ойлошуп, алардын баарынын Аллахтын каалоосу менен гана турганын түшүнө алышпайт. Аллах каапырлардын дүйнө жашоосу жөнүндөгү чындыктарды түшүнө албашын бир аятында мындайча кабар берген:

**Алар дүйнө жашоосунун (жалаң гана) тыш (көрүнгөн) тарабын билишет. Акыреттен болсо капылет калышкан. (Рум Сүрөсү, 7)**

Каапырлар өмүр бою эске албаган абдан маанилүү бир чындык бар. Алар бул чындыктан кабарсыз абалда ар кандай жаман иштерди жасап, дүйнөдө өз ойлорунда кызыкчылыктарга жетүүгө аракет кылышат, калп айтышат, динге карата шылдыңчыл мамиледе болушат, ыймандууларга жалаа жаап, аларга зыян берүүгө аракеттенишет.

Бирок негизи чоң бир капылеттик ичинде жүрүшөт, жана муну байкашпайт. Алдыда дин ахлагынан алыс адамдар билбестен, «капылеттикте» жашап жаткан бул улуу чындык баяндалат.

# ЭСКЕРТҮҮ

Сиз окуй турган бул бөлүм жашоонун абдан маанилүү бир сырын камтыйт. Заттык (материалдык) дүйнөгө болгон көз-карашыңызды түп-тамырынан өзгөртө турган бул теманы абдан көңүл буруп, жакшылап түшүнүп окушуңуз зарыл. Бул жерде айтыла тургандар болгону бир көз-караш, өзгөчө бир подход же кандайдыр бир философиялык пикир эмес; динге ишенген-ишенбегендердин баары кабыл ала турган, учурда илим тарабынан далилденген анык бир чындык.

# ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР

## ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР ТЕМАСЫ – ВАХДЕТ-И ВҮЖУТ ЭМЕС

Заттын аркасындагы сыр темасы кээ бир адамдардын каршы пикир айтышына себеп болууда. Бул адамдар бул теманын өзөгүн туура эмес түшүнүшкөндүктөн, бул теманы вахдет-и вүжут көз-карашы менен бир деп айтышууда.

Эң алгач баса белгилеп айта турган нерсе, бул чыгармалардын автору эхли сүннөт ишенимине абдан бекем жана вахдет-и вүжуд пикирин жактабайт. Мындан тышкары, вахдет-и вүжут пикиринин Мухйиддин Ибн Араби сыяктуу улуу Ислам ааламдары тарабынан жакталганын да унутпоо керек.

Важдет-и вүжут пикирин түшүндүргөн көптөгөн маанилүү Ислам аалымдары өтмүштө бул китептерде орун алган кээ бир темаларды тефеккүр кылып (терең ойлонуп), баяндагандары чындык. Бирок бул китепте түшүндүрүлгөндөр вахдет-и вүжут пикири менен бир эмес.

Мисалы, вахдет-и вүжут пикирин жактагандардын кээ бирлери туура эмес ойлорго кабылышып, Куранга жана эхли сүннөт ишенимине карама-каршы кээ бир ойлорду айтышкан. Мисалы, Аллах жараткан нерселерди толугу менен жок дешкен. Ал эми, заттын аркасындагы сыр темасын түшүндүрүүдө мындай пикир такыр айтылбайт. Бул тема Аллахтын бүт нерселерди жаратканын, бирок жараткан нерселеринин оригиналын Аллахтын көрөөрүн, адамдардын болсо бул нерселердин мээлеринде пайда болгон сүрөттөлүштөрүн гана көрө алаарын айтууда. Биз көргөн бардык нерселер, тоолор, чуңкурлар, гүлдөр, адамдар, деңиздер, кыскача айтканда, биз көргөндөрдүн баары, Аллах Куранда бар деп билдирген, жоктон жаратканын айткан бүт нерселер, жандыктар жаратылган жана бар. Бирок, адамдар бул жандыктардын оригиналын сезим органдары аркылуу көрө албайт, сезе албайт жана уга да албайт. Адамдардын көргөн жана сезгендери – бул нерселердин мээлериндеги копиялары. Бул илимий бир чындык жана бүгүнкү күндө медицина факультеттери баш болуп бардык окуу жайларында окутулган бир тема. Мисалы, азыр бул текстти окуган бир адам бул тексттин оригиналын көрө албайт, бул тексттин оригиналына тийе албайт. Бул тексттин оригиналынан келген жарык адамдын көзүндөгү кээ бир клеткалар тарабынан электрдик импульска айландырылат. Бул электрдик импульс мээнин арка тарабындагы көрүү борборуна барып, бул борборду аракеттендирет. Жана адамдын мээсинин аркасында бул тексттин сүрөттөлүшү пайда болот. Башкача айтканда, сиз азыр көзүңүз менен көзүңүздүн алдындагы бир текстти окуп жаткан жоксуз. Бул текст сиздин мээңиздин арка тарабындагы көрүү борборунда пайда болууда. Сиз окуган текст – бул мээңиздин арка тарабындагы «копия текст». Бул тексттин оригиналын болсо Аллах көрөт.

Жыйынтыктасак, заттын мээбизде пайда болгон бир элес болушу аны «жок» абалга алып келбейт. Бирок бизге адам тынымсыз мамиледе болгон заттын табияты жөнүндө

маалымат берет жана бул маалымат – заттын оригиналы менен эч кайсы адамдын мамиледе боло албашы (аны көрүп, угуп, ага тийе албашы) жөнүндөгү чындык.

Бул чындык *Идеализм, матрица философиясы жана заттын чыныгы жүзү* аттуу китебибизде мындайча баяндалган:

## Сыртта зат бар, бирок биз заттын оригиналына жете албайбыз!

... «Зат – бул элес» деп айтуу «зат жок» деген мааниге келбейт. Тескерисинче, биз көрсөк да, көрбөсөк да заттык бир дүйнө бар. Бирок биз бул дүйнөнү мээбиздин ичинде бир копия –башкача айтканда, кабылдоолорубуздун жоромолу катары- көрөбүз. Ошондуктан, зат – биз үчүн элес.

Ошондой эле, сыртта заттын бар экенин бизден башка көргөн жандыктар да бар. Аллахтын периштелери, жазып туруучу катары милдеттендирген элчилери да бул дүйнөгө күбө болушууда:

**Анын оң жана сол тарабында отурган эки жазуучу жазып жатканда, Ал сөз катары (эмне гана) айтпасын, сөзсүз жанында даяр бир көзөмөлчү бар. (Каф Сүрөсү, 17-18)**

Эң негизгиси, эң башта Аллах бүт нерсени көрүүдө. Бул дүйнөнү бүт детальдары менен бирге Аллах жараткан жана Аллах толугу менен көрүп турат. Куран аяттарында мындайча кабар берилет:

**... Аллахтан коркуп (күнөөдөн) сактангыла жана билип койгула, Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Бакара Сүрөсү, 233)**

**Айт: «Мени менен араңарда күбө катары Аллах жетиштүү; шексиз Ал пенделеринен толук кабардар, көрүүчү.» (Исра Сүрөсү, 96)**

Ошондой эле, Аллахтын бүт окуяларды «Левхи Махфуз» аттуу китепте сакталуу тутканын унутпаш керек. Биз көрбөсөк да булардын баары Левхи Махфузда бар. Бүт нерсенин Аллах Кабатында Левхи Махфуз деп аталган «Негизги Китепте» сакталуу экени мындайча билдирилүүдө:

**Шек жок, ал – Биздин кабатыбызда болгон Негизги Китепте; абдан бийик, өкүм жана хикмат (терең акыл) толо. (Зухруф Сүрөсү, 4)**

**...Кабатыбызда (булардын баарын) сактап-коруган бир китеп бар. (Каф Сүрөсү, 4)**

**Асманда жана жерде апачык болгон китепте (Левх-и Махвузда) орун албаган жашыруун эч нерсе жок. (Немл Сүрөсү, 75)**

Көрүү, угуу, жыт сезүү, даам сезүү, тийүү сезимдерибиздин баары бир-бирине окшош иштөө механизмине ээ. Сыртта бар болгон заттардан келген таасирлер (үн, жыт, даам, сүрөттөлүш (көрүнүш), катуулук ж.б.) нервдерибиз аркылуу мээдеги сезүү борборлоруна жеткирилет. Мээге жеткен бул таасирлердин баары электрдик сигналдар гана. Мисалы, көрүү процесси учурунда сырттагы бир булактан келген жарык бөлүкчөлөрү (фотондор) көздүн арткы тарабындагы торчого жетет жана ал жерде бир катар процесстерден соң электрдик сигналдарга айлантылышат. Бул сигналдар нервдер аркылуу мээнин көрүү борборуна жиберилет. Жана биз бир канча сантиметр кубдук көрүү борборунда түркүн түстүү, жаркыраган, узуну, туурасы, тереңдиги бар (үч өлчөмдүү) бир дүйнөнү көрөбүз.

Ушул эле система башка органдарыбызга да тиешелүү. Даамдар тилибиздеги кээ бир клеткалар тарабынан, жыттар мурун эпителийиндеги клеткалар тарабынан, тийүү сезимдери (катуулук, жумшактык ж.б.) теринин астына жайгаштырылган атайын кабылдагычтар тарабынан жана үндөр кулактагы атайын бир механизм тарабынан электрдик сигналдарга айландырылып, мээдеги тиешелүү борборлорго жөнөтүлөт жана ал борборлордо кабылданышат.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн мындай мисал берүүгө болот: азыр бир кружка кофе ичип жатасыз дейли. Колуңуздагы кружканын катуулугу жана ысыктыгы теринин астындагы атайын кабылдагычтар тарабынан электрдик сигналдарга айлантылып мээге жиберилет. Ошол эле учурда кофенин кескин жыты, аны ичкенде сиз сезген ачуу даам жана кружканы караганда сизге көрүнгөн анын күрөң түсү да – тиешелүү сезимдериңиздин нервдери тарабынан мээге жеткирилген электрдик агымдар. Андан соң кружканы столго коюп жатканыңызда анын жерге тийишинен чыккан үн да кулагыңыз тарабынан кабылданып, мээге электрдик сигнал катары жөнөтүлөт. Жана бул кабылдоолордун баары мээдеги бир-биринен айырмалуу, бирок бир-бири менен байланышта иштеген сезүү борборлору тарабынан жоромолдонот. Сиз бул жоромолдун бир натыйжасы катары бир кружка кофе ичтим деп ойлойсуз. Негизи булардын баары мээдеги сезүү борборлорунда ишке ашкан болот.

Шексиз, бул терең ойлонууну талап кылган абдан маанилүү бир чындык. Ушул кезге чейин сыртты караганыңызда көзүңүзгө көрүнгөндөрдүн баарынын оригиналын көрдүм деп ойлоп келген болушуңуз мүмкүн. Бирок илим да көрсөткөндөй, сезимдериңиздин сыртына чыгып, сырттагы заттардын оригиналдарына жетүү мүмкүн эмес.

Бул жерде кыскача баяндалган бул чындык – өмүрүңүздө байкашыңыз мүмкүн болгон эң чоң чындыктардын бири.

# ЗАТТЫН ОРИГИНАЛЫНА ЖЕТЕ АЛБАЙБЫЗ

Ушул күнгө чейин эч бир адам мээсиндеги кабылдоолордун сыртына чыга алган эмес. Ар бир адам мээсиндеги камерасынын ичинде жашап жатат жана кабылдоолору ага көрсөткөндөн башка эч нерсени көрүп, сезе албайт. Ошондуктан кабылдоолорунун сыртындагы дүйнөдө эмнелер бар экенин эч качан биле албайт. Ушул себептен «заттын оригиналын билем» деп айтуу чоң бир стереотип болот, себеби эч бир адам буга бир дагы далил келтире албайт. Адам мээсинде пайда болгон элести гана көрүп, сезет. Мисалы, түркүн түстүү гүлдөргө толгон бир бакчаны кыдырган бир адам чынында бул бакчанын оригиналын (өзүн) эмес, мээсиндеги копиясын көрөт. Бирок бул бакча ушунчалык реалдуу болгондуктан, ар бир адам мээсинде (элес катары) пайда болгон бул бакчадан чыныгы бакчадан алгандай ырахат алат. Ал тургай, ушул күнгө чейин миллиарддаган адамдар ушул бакча сыяктуу, көргөн бүт нерселеринин оригиналын (өзүн) көрүп жатам деп ойлошкон.

Ошондой эле дагы бир нерсени айта кетүү керек: технология же илимдин өнүгүшү бул темада эч кандай өзгөрүүгө себеп боло албайт. Себеби ар бир илимий же технологиялык ачылыш да кайра эле адамдардын мээсинде пайда болот, натыйжада ал ыкма менен да сырткы дүйнөгө жетүү мүмкүн болбойт. Биз тааныган бирден-бир дүйнө – бул мээбиздин ичиндеги, ал жерде тартылган, үн жана түс коштолгон, кыскача айтканда, мээбизде пайда болгон бир дүйнө.

Мээбизде биз көргөн бул кабылдоолор кээде «жасалма» бир булактан келип жаткан болушу да мүмкүн. Муну мындай мисал менен элестетели:

Алгач мээңизди денеңизден сыртка чыгарып, айнек бир идиштин ичинде жасалма жол менен жашата алдык деп элестетели. Жана мунун жанына ар кандай электрдик сигнал жарата алуучу компьютер койгон бололу. Бул компьютерде белгилүү бир чөйрөгө тиешелүү үн, жыт, катуулук-жумшактык, даам жана дененин сүрөттөлүшү сыяктуу маалыматтардын электрдик сигналдарын жасалма жол менен өндүрүп сактап койолу. Бул компьютерди нервдин ролун аткара турган электрдик кабельдер жардамы менен мээңиздин кабыл алуу борборлоруна туташтыралы жана компьютерде сакталуу болгон сигналдарды мээңизге берели. Бул сигналдарды алган сайын мээңиз (б.а., «сиз») бул сигналдар сүрөттөгөн чөйрөнү көрөт жана жашайт.

Бул копьютерден мээңизге дене көрүнүшүңүзгө тиешелүү электрдик сигналдарды да жөнөтүүгө болот. Мисалы, бир столдо отурганда сиз сезген көрүү, угуу, тийүү сыяктуу сезимдердин электрдик сигналдарын мээңизге жөнөткөнүбүздө мээңиз өзүн офисинде отурган бир кызматкер деп сезет. Компьютерден келген сигналдар улана берген сайын бул кыялдагы дүйнө улана берет. Өзүнүн бир мээден гана тураарын эч качан түшүнө албайт. Себеби, мээнин ичинде бир дүйнө пайда болушу үчүн чыныгы дүйнөнүн бар болушу зарыл эмес, жөн гана керектүү сигналдардын болушу жетиштүү. Бул сигналдардын жасалма бир булактан, мисалы компьютер же башкача бир аппараттан келип жаткан болушу мүмкүн.

Атактуу илим философу Бертранд Русселл бул жөнүндө мындай дейт:

…Манжаларыбыз менен столго тийген учурдагы тийүү сезими – бул манжалар учундагы электрон жана протондорго болгон электрдик таасир. Заманбап физика бойунча, столдогу электрон жана протондордун жакындашуусунан пайда болгон болот. Эгер манжаларыбыздын учундагы ошол эле таасир башка бир жол менен жаратылган болгондо, эч кандай стол болбосо да ошол эле тийүү сезимин сезмекпиз. *(Bertrand Russell, Rölativitenin Alfabesi, Onur Yayınları, 1974, s. 161-162)*

Кабылдоолордун сырткы дүйнөдөгү оригиналын (өзүн) көрүп, сезип жатабыз деп ойлоп алданышыбыз абдан оңой. Бул чындыкка түштөрүбүздө көп күбө болобуз. Түштө толугу менен чындыктай болгон окуяларды башыбыздан өткөрүп, адамдар, заттар, чөйрөлөрдү көрөбүз. Бирок булардын баары элестер гана. Түш менен «чыныгы дүйнө» арасында болсо фундаменталдуу бир айырма жок; экөөсү тең мээде жашалат.

# МЭЭБИЗ СЫРТКЫ ДҮЙНӨДӨН ӨЗҮНЧӨБҮ?

Буга чейин айтылгандай, сырткы дүйнөнүн өзүн эмес, бизге көрсөтүлгөн кабылдоолорду гана көрүп, сезип жатсак, анда булардын баарын көрүп, угуп жатат деп ойлогон мээбиз эмне? Мээбиз да башка бүт заттар сыяктуу атомдордон, молекулалардан турган бир жыйынды эмеспи?

Сырттагы заттын өзүн көрүп, сезе албаган сыяктуу эле, мээбиздин да өзүн эч качан биле албайбыз. Кабылдоосун (копиясын) гана билебиз. Себеби биз «мээ» деп атаган нерсе да – сезүү органдарыбыз аркылуу кабылдаган бир кесим эт.

Анда булардын баарын кабылдаган (сезген) ким? Көргөн, уккан, сезген, жыттаган, даам сезген мээ эмес болсо, анда эмне?

Мына ушул жерде апачык чындыкты көрөбүз: адам – аң-сезимдүү, көрө алган, сезе алган, ойлоно алган, сындай алган бир жандык катары затты түзгөн атомдордон, молекулалардан такыр башка бир жандык. Адамды адам кылган – бул Аллах ага берген «рух». Адамдын аң-сезимин жана башка бардык адамдык жөндөмдөрүн болжол менен 1,5 килограммдык, болгондо да элес гана болгон, бир кесим этке таңуулоо акылга эч сыйбайт. Куранда бул чындык мындайча баяндалат:

**Ал – жараткан ар бир нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган (Зат). Кийин анын урпактарын бир маңыздан, болгону бир суудан кылды. Кийин аны «оңоп бир калыпка келтирди» жана ага Рухунан үйлөдү. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр жаратты. Канчалык аз шүгүр кыласыңар? (Сежде Сүрөсү, 7-9)**

# БИЗГЕ ЭҢ ЖАКЫН ЗАТ – АЛЛАХ

Биз өзүн эч качан биле албаган сырткы дүйнөнү рухубузга сездирген, тагыраак айтканда, буларды тынымсыз жараткан ким?

Албетте, бул суроонун жообу апачык. Адамга «рухунан үйлөгөн» Аллах – айланабыздагы бүт нерсенин Жаратуучусу. Бул кабылдоолордун жалгыз булагы да Ал. Аллах жаратмайынча эч нерсе бар болбойт. Аллах бир аятында бүт баарын тынымсыз жаратканын, жаратууну токтоткондо болсо биз көргөндөрдүн эч бирөөсүнүн бар боло албашын мындайча кабар берген:

**Шек жок, Аллах асмандарды жана жерди талкаланышат деп (дайыма кудурети менен) кармап турат. Ант болсун, эгер талкаланышса, Андан башка аларды эч ким кармай албайт. Чындыгында, Ал Халим (абдан жумшак), кечиримдүү. (Фатыр Сүрөсү, 41)**

Адам көп жылдан бери уккан, билгендерине таянып, бул чындыкты кабыл алгысы келбеши мүмкүн. Бирок канчалык билмексен, укмаксан болсо да, чындык апачык. Адамга көрсөтүлгөн бардык кабылдоолор Аллахтын жаратышы менен жашайт. Болгондо да, бир гана сырткы дүйнө эмес, адам «өзүм жасап жатам» дегендери да Аллахтын каалоосу менен гана ишке ашат. Бир адам Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчө бир кыймыл-аракет жасай албайт, өзүнө тиешелүү бир эркке ээ эмес. Куранда бул чындыкка төмөнкү аяттарда көңүл бурулган:

**... силерди да, кылып жаткан (иш)териңерди да Аллах жараткан. (Саффат Сүрөсү, 96)**

**... ыргытканда (таштаганда) сен ыргытпадың, Аллах ыргытты... (Энфал Сүрөсү, 17)**

Булардын баарынан көрүнүп тургандай, чыныгы абсолюттук Зат – бул Аллах. Имам Раббани сыяктуу улуу Ислам аалымдары бул чындыкты «бар болгон жалгыз абсолюттук зат – бул бир гана Аллах, Андан башкалардын баары көлөкө нерселер» деп айтышкан. Аллах асмандар жана жердегилердин баарын ороп курчаган. Аллах Куран аяттары менен да бүт жерде экенин, бүт нерсени ороп курчаганын кабар берген:

**Абайлагыла; алар Жаратуучуларына жолугуу жөнүндө терең шектенишүүдө. Абайлагыла, чындыгында Ал бардык нерсени ороп-курчоочу. (Фуссилет Сүрөсү, 54)**

**Чыгыш да Аллахтыкы, батыш да. Каякка бурулсаңар, Аллахтын жүзү ошол**

**жакта. Шек жок, Аллах курчоочу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 115)**

**Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аллахтыкы. Аллах бардык нерселерди курчап турат. (Ниса Сүрөсү, 126)**

**Биз сага: «Раббиң, албетте, адамдарды толук ороп турат» деген элек... (Исра Сүрөсү, 60)**

**... Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Аллах сизди алдыңыздан, артыңыздан, оң тарабыңыздан, сол тарабыңыздан, б.а. бүт тарабыңыздан курчаган; дайыма, бүт жерде сизге күбө болгон, ичиңиз жана сыртыңызга толук ээ болгон жана сизге күрөө тамырыңыздан жана жүрөгүңүздөн жакыныраак болгон – бир гана чексиз күч-кудурет ээси Аллах.

**... Биз ага күрөө тамырынан жакыныраакпыз. (Каф Сүрөсү, 16)**

**... Жана билгиле, албетте, Аллах адам менен жүрөгүнүн арасына кирет жана силер чынында Ага алпарылып чогултуласыңар. (Энфал Сүрөсү, 24)**

Каапырлар мына ушул жерде чоң жаңылууга түшүшүүдө жана өзүн эч качан көрүп-сезе албаган дүйнөнү жалгыз абсолюттук зат (нерсе) деп ойлошууда. Алар дин жана ыймандуулар жөнүндө шылдыңчыл сөздөрдү сүйлөп жатышканда, Аллахтын аяттарын жокко чыгарып жатышканда, өз араларында бир аятта айтылгандай «шылдыңчыл талаштарга сүңгүшкөндө», жашыруун иштерибиз билинбей калды деп ойлоп жатышканда, чынында Аллах аларды толук ороп-курчаган. Чектен чыккан каапырлар билбей жүргөн эң чоң чындыктардын бири мына ушул. Болгондо да алар ач көздүк менен байланган дүйнө жашоосу да бул чындык менен бирге колдорунан чыгып кетүүдө...

# СЫРТТАГЫ ЗАТ ЖӨНҮНДӨ БИЛГЕНДЕРИБИЗ БИЗГЕ СЕЗДИРИЛГЕН КАБЫЛДООЛОР ГАНА

Апачык көрүнүп тургандай, «сырткы дүйнөнү» түздөн-түз көрүп-сезе албашыбыз, сырткы дүйнөнүн Аллах тынымсыз рухубузга көрсөтүп жаткан бир копиясын гана көрүп-сезип жатышыбыз – илимий жана логикалык бир чындык. Бирок адамдар муну көп ойлонгулары келбейт.

Бул жөнүндө бир аз чын ниеттен жана эр жүрөктүк менен ой жүгүртсөңүз,

үйүңүздүн, ичиндеги буюмдарыңыздын, дачаңыздын, жаңы алган машинаңыздын, офисиңиздин, баалуу кооздуктарыңыздын, банктагы акчаңыздын, гардеробуңуздун, түгөйүңүздүн, балдарыңыздын, кесиптештериңиздин жана башка бардык нерселериңиздин да өздөрүн (оригиналдарын) эч качан көрүп-сезе албаганыңызды түшүнөсүз. Айланаңызда көргөн, уккан, жыттаган, кыскасы, беш сезимиңиз менен кабылдагандарыңыздын баары ушул «копия дүйнөгө» тиешелүү; эң сүйгөн ырчыңыздын үнү, отурган отургучуңуздун катуулугу, жыты, көңүлүңүзгө жаккан бир атыр, сизди жылыткан күн, кооз түстүү бир гүл, терезеңиздин сыртынан учкан бир чымчык, деңиз бетинде ылдам сүзүп бараткан катер, мол түшүм берген бакчаңыз, жумуштагы компьютериңиз же дүйнөдөгү эң алдыңкы технологиядагы музыкалык борборуңуз...

Чындык ушундай, себеби бул дүйнө адамды сыноо үчүн гана жаратылган бир аалам. Адамдар кыска убакка созулган өмүрү боюнча эч өзүнө жете албаган кабылдоолор (сезимдер) менен сыналышат. Бул кабылдоолор болсо атайын кооз жана жагымдуу көрсөтүлөт. Бул чындык Куранда мындайча кабар берилген:

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу инсандарга «сулуу жана өзүнө тартуучу» кылынды. Булар – дүйнө жашоосунун жалган көркөмдүктөрү. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Али Имран Сүрөсү, 14)**

Көп адамдар ээ болгон же ээ болууга аракет кылган мал-мүлктөрүнүн, акчалардын, жыйган алтын, күмүш, доллар, кооздуктарынын, чөнтөктөгү акчаларынын, кредиттик карталарынын, колдонгон шкаф толо кийимдердин, жаңы модель машиналардын, кыскасы ар кандай байлыктын сыйкыры менен диндерин бир тарапка таштап, акыретти унутушат жана дүйнөнү гана көздөшөт. «Жумушум бар», «идеалдарым бар», «жоопкерчиликтерим бар», «убактым тар», «бүтүрүү керек болгон иштер бар», «кийин, келечекте жасайм» деп, дүйнөнүн «кооз жана жагымдуу» жүзүнө алданып, намаз окубайт, мал-мүлктөрүнөн жакырларга бербейт, акыретте сыйлык ала турган ибадаттарга багытталышпайт. Тескерисинче бул дүйнөдө гана кызыкчылыкка жетүүгө аракет кылуу менен өмүрүн өткөрүшөт. Жогорудагы, **«Алар дүйнө жашоосунун сыртын (көрүнгөн тарабын гана) билишет, акыреттен болсо капылетте»** (Рум Сүрөсү, 7) аятында дал ушул жаңылыштык сүрөттөлөт. Китептин бул бөлүмүндө баяндалган чындык болсо бүт ушундай ач көздүк жана берилүүлөрдү маанисиз кылгандыктан абдан маанилүү. Себеби бул чындыкты түшүнүү адамдар ээ болгон же ээ болууга аракеттенген бүт нерселердин, ач көздүк менен чогулткан мүлктөрүнүн, мактанган балдарынын, өзүмө эң жакын деп ойлогон түгөйлөрүнүн, досторунун, денелеринин, жогорулук деп ойлогон кызмат ордунун, окуган университетинин, өткөргөн эс алууларынын көлөкө нерселер гана экенин көрсөтүүдө. Демек алар үчүн ач көздүк кылуу, убакыт жана эмгек сарптоо, албетте, текке кетет.

Демек кээ бир адамдар ээ болгон мал-мүлктөрү, яхталары, вертолеттору, заводдору, холдингдери, чоң үйлөрү, жерлери менен, булардын өзүн көрүп-кармап жаткандай болуп, мактанганда негизи уят болушууда. Яхталарында керсейип баскан байлар, досторуна машинасы менен мактангандар, байлыгы жөнүндө ар мүмкүнчүлүктө сөз кылгандар, кызмат ордум менен баарынан жогорумун деп ойлогондор, кийимдери менен адамдарга көрүнүүнү аракеттенгендер, бүт жашоосун ушул сыяктуу амбиция, жарыштарга арнагандар, ушулары менен элдерди суктандырдым деп ойлогондор чынында мээсиндеги сүрөттөлүштөр менен мактанып жатканын түшүнгөндө кандай абалда калаарын ойлонушу керек.

Негизи түштөрүндө ушуга окшош абалга кезигишет. Түштөрүндө да үйлөрү, абдан ылдам машиналары, абдан кымбат кооздук буюмдары, таңгак таңгак долларлары, топ-топ алтын жана күмүштөрү болот. Түштөрүндө да жогорку кызматта болот, миңдеген адам иштеген заводдору, көп кызматкерлери болот, бүт адамдарды суктандырган кийимдерди кийишет... Бирок түшүндө көргөн мүлктөрү менен мактануу аларды күлкүмүштүү абалга салгандай эле, бул дүйнөдө көргөн сүрөттөлүштөр (мүлк ж.б.) менен мактануу да күлкүмүштүү болот. Түшүндө көргөндөрү да, бул дүйнөдө көргөндөрү да негизи мээлериндеги сүрөттөлүштөр гана. Бирок, албетте, бул чындыкты терең ойлонуу керек. Аятта да айтылгандай, бул чындыкты түшүнгөндөр утушат:

**Чындыгында, силерге Раббиңерден көрөгөчтүктөр келди. Ким көрөгөчтүк менен көрсө өз пайдасына, ким сокур болсо (көргүсү келбесе) өз зыянына... (Энъам Сүрөсү, 104)**

Ошол сыяктуу, дүйнөдө башына келген окуяларга көрсөткөн реакциялары да чындыкты түшүнгөндө адамдарды уялтат. Албуутганып урушкандар, кыйкырып өкүргөндөр, шылуундук кылгандар, пара алгандар, көз бойомочулук кылгандар, калп айткандар, сараңдык кылгандар, адамдарды кыйнагандар, аларды уруп соккондор, зөөкүрлөр, ичи кызмат креслосу, даражасына болгон амбицияга толгондор, көрө албастык кылгандар, мактанууга, өздөрүн жогору кылууга аракет кылгандар жана башкалар буларды өзүн эч көрүп-сезе албаган бир дүйнөдө жасаганын түшүнгөндө уят болушат.

Муну билүү керек: бүт ааламды жараткан жана ар бир адамга өз-өзүнчө көрсөткөн Аллах болгондуктан, бул дүйнөдөгү бүт мал-мүлктүн чыныгы ээси да бир гана Аллах. Бул чындык Куранда мындайча кабар берилет:

**Асмандарда жана жердегилердин баары Аллахтыкы. Аллах бардык нерселерди курчап турат. (Ниса Сүрөсү, 126)**

Өзүн көрүп-сезе албаган амбициялар үчүн дин ахлагын бир тарапка таштоо жана мунун натыйжасында түбөлүк жашоону жоготуу болсо абдан чоң бир акылсыздык.

Болгондо да адамга чексиз жоготуу алып келет. Аллах алардын мындай абалын төмөнкүчө сүрөттөйт:

**...Алардын анда (дүйнөдө) кылгандарынын баары текке кеткен жана жасап жаткандары жараксыз болгон. (Худ Сүрөсү, 16)**

Аятта да кабар берилгендей, бул адамдардын бүт амбиция, каалоолору да текке кеткен жана ошондой эле ээмин деп ойлогон нерселери да бул чындыктан улам колдорунан чыгып, аларга бир пайда алып келген эмес жана ишке жарабай калган.

Бул жерде бир нерсени жакшы түшүнүү керек: бул чындык «бүт сиз ээ болгон жана ач көздүк кылган мал-мүлктөр, байлык, балдар, түгөйлөр, достор, кызмат даражасы бир күн жок болот, ошондуктан эч мааниси жок» деген жок. «Бул ээ болгондоруңуздун эч биринин өзүн азыр да көрүп-кармап жаткан жоксуз, баары мээңизде көргөн кабылдоолор гана, Аллах сизди сыноо үчүн көрсөткөн сүрөттөлүштөр» деп айтууда. Көңүл бурсаңыз экөөнүн арасында абдан чоң айырма бар.

Адам бул чындыкты азыр кабыл алгысы келбесе жана бүт колумдагылар бар деп өзүн алдаса да, аягында өлгөн соң кайра тирилгенде, б.а. акыретте баары апачык көрүнөт. Ал күнү адамдын **«көрүү күчү кескин болот»** (Каф Сүрөсү, 22) жана бүт баарын бир топ жакшы түшүнөт. Бирок эгер бул дүйнөдөгү жашоосун элес максаттар артынан чуркап коротсо, анда ал жерде эч жашабаган болгонумда деп калат, аятта билдирилгендей, **«аттиң ал (өлүм бүт баарын) токтотуп бүтүргөндө кана. Мал-мүлкүм мага эч пайда бере албады. Күч-кудуретим жок болуп кетти.** (Хакка Сүрөсү, 27-29) деп кыйроого дуушар болот.

Акылдуу бир адамдын милдети болсо – бүт ааламдын бул эң улуу чындыгын убакыт бар кезде түшүнүүгө аракет кылуу. Антпесе бүт өмүрүн элестер артынан чуркоого коротуп, аягында чоң кыйроого дуушар болот. Аллах дүйнөдө элестер (же «закымдар») артынан чуркап, Жаратуучубузду унуткан мындай адамдардын акыркы абалын мындайча билдирүүдө:

**Каапырлар болсо; алардын амалдары түптүз бир талаадагы закымга окшойт; суусуган аны бир суу деп ойлойт. Аягында ага жеткенде эчтеке таба албайт жана жанында Аллахты табат. Анын эсебин толугу менен берет. Аллах эсепти абдан так тутуучу. (Нур Сүрөсү, 39)**

# КААПЫРЛАР ТАРЫХТЫН ЭҢ ЧОҢ ТУЗАГЫНА ТҮШҮШКӨН

Заттын өзүн көрө албашыбыз жөнүндөгү чындык заманбап илим тарабынан далилденген жана болгондо да апачык, так жана күчтүү далилдер менен ортого

коюлууда. Каапырлар эч ойлонбостон ишенген, бел байлаган, ишенген заттык дүйнөнүн чынында эч качан аша албай турган кабылдоо чегинен ары экенин көрүшүүдө жана буга каршы колдорунан эчтеке келбей жатат.

Адамзат тарыхы бою каапырдык аң-сезим дайыма болуп келген жана ал адамдар өздөрүнө жана жактаган философиясына абдан ишенүү менен өздөрүн жараткан Аллахка баш көтөрүшкөн. Алардын илимге сыйбас сценарийи боюнча заттын башы жана аягы жок эле, жана булардын баарынын бир Жаратуучусу жок эле. Ал адамдар текебердиктен улам гана Аллахты жокко чыгарып жатып, көрүп-кармап жатабыз деген затка (материяга) баш калкалашкан. Бул философияга ушунчалык ишенгендиктен, анын туура эмес экенин далилдей турган түшүндүрмө эч болбойт деп ойлошкон.

Бирок заттын маңызы жөнүндөгү бул китепте баяндалган чындыктар бул адамдарды абдан шок кылды. Себеби бул жерде айтылгандар алардын философиясын тамырынан кыйратып жок кылды жана эч талашууга мүмкүндүк калтырган жок. Бүт ойлорун, жашоосун, текебердиктерин жана каапырдыктарын таяган зат алардын колунан бир заматта учуп кетти.

Аллахтын бир сыпаты – бул каапырларга тузак курушу. **«... Алар бул тузакты куруп жатышканда, Аллах да бир тузак (бир жооп) куруп жаткан. Аллах тузак куруучулардын жакшысы»** (Энфал Сүрөсү, 30) аяты менен мына ушул чындык айтылган.

Аллах дүйнөнү абсолюттук бир нерсе сыяктуу сездирүү менен каапырларды тузакка түшүрдү жана аларды тарыхта эч көрүлбөгөндөй уят кылды. Мал-мүлктөрүн, кызмат орундарын, наамдарын, жашаган коомун, бүт дүйнөнү абсолюттук нерсе деп ойлошуп, буларга таянуу менен Аллахка бой көтөрүшкөн. Көп Аллахка баш көтөрүшкөн жана каапырчылыктары арткан. Буларды кылганда жалгыз ишенген нерсеси «зат абсолюттук нерсе» деген ишенимдери болгон. Бирок ушунчалык аңкоо болушкандыктан, Аллахтын аларды толук ороп-курчаганын эч ойлошкон эмес. Аллах каапырлар аңкоолуктан улам кабыла турган абалды Куранда мындайча кабар берген:

**Же тузак курууну каалап жатышабы? Бирок (чынында) ал каапырлар (өздөрү) тузакка түшүүчүлөр. (Тур Сүрөсү, 42)**

Бул балким тарыхтагы эң чоң жеңилүүдүр. Каапырлар өз ойлорунда текеберленип, динди жана ыйман келтиргендерди шылдыңдап жатышканда негизи чоң бир оюнга туш болушуп, Аллахка карата жаман бир желтенүү менен баштаган согушта толук жеңилишти.

**«Ушинтип Биз ар өлкөнүн алдыңкыларын, ал жерде тузак курушсун деп, ал жердин күнөөкөр-кылмышкерлери кылдык. Чынында болсо алар тузакты өздөрүнө гана курушат жана муну түшүнүшпөйт» (Энъам Сүрөсү, 123)** аяты Жаратуучубуз Аллахка баш көтөргөн ушул сыяктуу каапырлардын кандай аңкоолук ичинде экенин жана кандай натыйжага кабылаарын апачык кабар берет.

**(Калп) Аллахты жана ыйман келтиргендерди алдашат. Бирок алар өздөрүн гана алдап жатышат жана (муну) билишпейт. (Бакара Сүрөсү, 9)**

Каапырлар өз ойлорунда тузак курууга аракет кылып жатканда аятта «билишпейт» деп айтылгандай, абдан маанилүү бир чындыкты байкай алышкан эмес: башынан өткөргөн бардык окуяларынын мээлеринде ишке ашканын жана бүт кылган иштери сыяктуу, курган тузактарынын да мээлеринде экенин... Ушундай аңкоолуктары себебинен да Аллах менен жалгыз экенин унутушуп, өздөрүн өздөрү тузактуу бир планга түшүрүшкөн.

Ар доордо Аллах каапырлардын тузагын тамырынан жыгыта турган бир чындыкка аларды жолуктурган. Аллах **«...эч шексиз, шайтандын тузагы абдан алсыз»** (Ниса Сүрөсү, 76) аяты менен бул тузактардын али курулганда эле натыйжасынын кыйроо экенин да кабар берген. Жана ыймандууларды болсо **«...алардын тузактары силерге эч зыян тийгизбейт...»** (Али Имран Сүрөсү, 120) аяты менен сүйүнчүлөгөн.

Аллах башка бир аятында **«каапырлардын иштери түптүз бир талаадагы закымга окшойт; суусаган аны бир суу деп ойлойт. Аягында ага жеткенде эчтеке таба албайт жана жанында Аллахты табат...»** (Нур Сүрөсү, 39) деп кабар берген. Каапырдык көз-караш болсо бул аятта ишарат кылынгандай, баш көтөргөндөр менен дүйнө жашоолорун динди шылдыңдоо менен өткөргөндөр үчүн бир «закым» болот; ага ишенип колдорун сунганда, ал философиянын алдамчылыгын түшүнүшөт. Аллах аларды ушундай бир закым менен алдап, затты абсолюттук бир нерседей көрсөткөн. «Чопчоң» адамдар, профессорлор, астрономдор, биологдор, физиктер, наам, даражалары кандай гана болбосун, затты өздөрүнө жасалма кудай кылып алышкандыктан, ушул оюнга түшүшүп, жаш балдардай алданышкан жана уят болушкан. Эч качан өзүнө жете албаган затты абсолюттук деп ойлошуп, анын үстүнө философияларын, идеологияларын курушуп, ал жөнүндө берилип талашышып, шылдыңчыл сөздөрдү айтышкан. Булардан улам өздөрүн абдан акылдуу элестетишип, аалам жөнүндө ой жүгүртө алабыз деп ойлошкон жана эң негизгиси өздөрүнүн чектүү акылдары менен Аллахты жоромолдой алабыз деп ойлошкон. Аллах алардын мындай абалын бир аятында мындайча билдирет:

**Алар (ишенбегендер) бир план курушту. Аллах да (буга каршы) бир план курду. Аллах план куруучулардын эң жакшысы. (Али Имран Сүрөсү, 54)**

Бул дүйнөдө кээ бир тузактардан кутулуу мүмкүн болушу ыктымал, бирок Аллах каапырларга курган бул тузак ушунчалык бекем болгондуктан, алар эч кутула алышпайт. Эмне гана кылышпасын, кимге гана кайрылышпасын, аларды куткара турган Аллахтан башка бир жардамчы таба алышпайт. Аллах Куранда кабар бергендей, **...өздөрү үчүн Аллахтан башка бир коргоочу дос жана жардамчы таба алышпайт. (Ниса Сүрөсү, 173)**

Шексиз бул чындыкты түшүнүү чектен чыккан каапырлар үчүн эң үрөй учура

турган бир окуя. Себеби алар абдан таянган заттын алардан өтө алгыс бир чек ара менен бөлүнгөн болушу – өздөрү айткандай, бул дүйнөдө турганда эле, «өлбөй туруп бир өлүм» деген мааниге келет.

Бул чындыктын натыйжасында Аллах менен өздөрү жалгыз калышкан. Аллах **«аны жалгыз кылып жаратканымды Мага кой»** (Мүдессир Сүрөсү, 11-15) аяты менен ар бир адамдын Анын Кабатында негизи жападан жалгыз экенине көңүл бурган. Бул улуу чындык дагы көп аятта кабар берилген:

**Ант болсун, силерди алгач жаратканыбыз сыяктуу (бүгүн да) «бир бирден, жападан жалгыз (абалда) Бизге келдиңер жана силерге бергендерибизди аркаңарда калтырдыңар... (Энъам Сүрөсү, 94)**

**Жана алардын баары кыямат күнү Ага «жападан жалгыз жана бирден» келишет. (Мерйем Сүрөсү, 95)**

Бул аяттардагы чындыктын дагы бир мааниси мындай: затты кудай тутунгандар, динди жокко чыгаруу менен Аллахтын аяттары жөнүндө «шылдыңчыл талаштарга түшкөндөр» Аллах келишкен жана кайра Ага кайтышкан же кайтууну күтүшүүдө. Алар – кааласа да, каалабаса да- Аллахка моюн сунушкан. Азыр бүт адамдар сыяктуу сурак күнүн күтүшүүдө жана ал күнү баары бир-бирден суракка алынышат. Канчалык түшүнгүлөрү келбесе да...

# ЖЫЙЫНТЫК

Каапырлар дагы бир абдан маанилүү чындыкты билиши керек: алар ыйман келтиргендерди шылдыңдап жатканда же ар кандай жаман иштер менен аларга зыян тийгизүүгө аракет кылып жатышканда, негизи Аллах алар үчүн жазган тагдырга моюн сунушкан. Алардын ар бир шылдыңчыл сөзү, жаман көз-карашы, ойлоруна келген ар бир каапырдык ой, түзгөн ар бир планы – Аллах аныктаган тагдырдын бир бөлүгү. Каапырлар билишпесе да, Аллахка моюн сунушкан. Жана Аллахтын буйругуна моюн сунуп, бул дүйнөдө ыймандууларга маанилүү бир кызмат көрсөтүшүүдө. Дин ахлагына моюн сунган адамдарды шылдыңдап жатышканда, ыймандуулар бул мамилелерге сабыр кылышууда жана Аллахка болгон жакындыктары себебинен барктуу бир даражага, Аллахтын чексиз кооз бейиштерине татыктуу болушууда.

Каапырлар болсо эч качан өзүн көрүп, кармай албаган дүйнөнүн өзүн көрүп жатабыз деп ойлошуп, уят болушкан. Бир күнү түштөн ойгонгондой ойгонушат жана бир заматта бул «улуу чындыкты» көрүшөт. Жер бетинде дээрлик көз ачып жумганчалык убакыт гана жашаганын түшүнүшөт жана каапырчылык кылганына абдан бушайман болушат. Сурак күнүндө ал күнгө чейин айткан шылдыңчыл сөздөрү, шылдыңчыл көз-

караштары, шылдыңчыл мамилелери бир-бирден алдыларына коюлат. Ал тургай, өз дене органдары да алардын зыянына каршы күбө болушат. Аллах бул чындыкты Куранда мындайча кабар берген:

**Ал күнү алардын тилдери, колдору жана буттары алардын зыянына кылгандары жөнүндө күбөлүк беришет. Ал күнү Аллах алар татыктуу болгон жазаны толук берет жана алар Аллахтын эч шексиз акыйкат экенин билишет. (Нур Сүрөсү, 24-25)**

# ШЫЛДЫҢЧЫЛ АДАМДАР АКЫРЕТТЕ АЛГАН НАТЫЙЖАСЫ

Д индерин бир оюн жана шылдың кылып алган, ыйык баалуулуктарга карата акылсыздык менен шылдыңчыл мамиле кылган адамдардын алган жазасы дүйнөдөгү менен эле чектелбейт. Куранда кабар берилгендей, аларды негизи акырет жазасы күтүп жатат. Аллах ыймандууларды бейиш менен сүйүнчүлөгөндөй, каапырларды азап менен коркутууда.

Бүт адамдар дүйнө жашоосунда кылгандарынан улам бир-бирден сурак бере турган дин күнү келгенде, бул адамдар албетте абдан бушайман болушат жана дүйнөдө кылган кылмыштарынын жазасын сөзсүз алышат. Мына ошол күнү өздөрү шылдың кылына турган абалга түшүшөт. Себеби алар бул күнгө туш боloорун күтүшкөн эмес, көбүү менен баш көтөрүүчү мамилелерин улантышкан. Бирок эми кача турган жер жок. Басмырлоочу азап аларды күтүп турат. Мунун себеби – алардын бул дүйнөдө Аллахтын аяттарын шылдыңдашы. Бирок тозоктогу абалы себебинен эми каапырлар өздөрү шылдыңдала турган көрүнүшкө түшүшөт. Куранда алардын мындай абалы төмөнкүчө баяндалат:

**Аяттарыбыздан бир нерсе укканда шылдың кылат. Мына ошолор үчүн басмырлоочу бир азап бар. Аркаларынан тозок (аларды ээрчип жүрөт). Чогулткан нерселери аларга эч пайда бербейт. Аллахтан башка тутунган достору да. Алар үчүн улуу бир азап бар. (Жасия Сүрөсү, 9-10)**

Көрүнүп тургандай, бул дүйнөдө жаман бир желтенүү менен динди шылдың кылууга аракеттенген ал адамдар билбестен абдан чоң бир тузакка түшүшөт. Алар үчүн чоң бир азап даярдалган жана Аллах алардын бул дүйнөдө кылгандарынын баарын алардын зыянына айланткан. Дин жана ыймандууларды шылдың кылуу менен кылган жамандыгы өздөрүнө тийген. Натыйжада жогору болууну каалап жатып, жогорубуз деп жатышып, басмырланып уял болушкан. Аллах көп аяттары менен бул азаптуу натыйжаны адамдарга эскерткен:

**Топтогон жамандыктары өздөрү үчүн ачыкка чыкты жана шылдың кылган нерселери да аларды толугу менен курчап алды. (Зүмер Сүрөсү, 48)**

**Ошентип кылган жамандыктары алардын башына келди жана шылдың кылган нерсеси аларды ороп-курчады. (Нахл Сүрөсү, 34)**

Дүйнө жашоосунда шылдыңчылдыкты тандагандар, Аллахтын аяттарын,

элчилерин жана ыймандууларды шылдыңдагандар кылгандарынын жазасы катары тозок оту менен оролушат. Ушундайча динге карата көрсөткөн шылдыңчыл мамилелеринин азабын тартышат. Сабак ала турган башка бир жагдай болсо – бул адамдар үчүн даярдалган тозок азабынын түбөлүктүү болушу. Себеби алар акыретти жана сурак күнүн көрбөй, унуткан сыяктуу, дин күнү келгенде да алар унутулушат жана Аллахтын мээриминен алыс калышат. Албетте, бул – бир адам туш болушу мүмкүн болгон эң коркунучтуу жыйынтык. Бул чындык Куранда мындайча баяндалат:

**Алардын кылгандарынын жамандыгы алар үчүн ачыкка чыкты жана шылдың кылган нерселери болсо аларды ороп-курчады. (Мындай деп) Айтылды: «Бүгүнкү күнгө жолугууну унутканыңар сыяктуу Биз да силерди бүгүн унуттук. Силердин мекениңер от. Жана силер үчүн эч бир жардамчы жок.» «Мунун себеби мындай: себеби силер Аллахтын аяттарын шылдыңдадыңар; дүйнө жашоосу болсо силерди алдады.» Ошентип ал жерден (оттон) чыгарылышпайт дагы, (Аллахтын) ыраазылык тилектери да кабыл алынбайт. (Жасия Сүрөсү, 33-35)**

## ЫЙМАНДУУЛАР БОЛСО АКЫРЕТТЕ КААПЫРЛАРДЫ ШЫЛДЫҢ КЫЛЫШАТ

Бул бөлүмгө чейин каапырлардын, мушриктердин, мүнафыктардын же дин ахлагын жашабаган адамдардын текебердик себебинен динди, аяттарды, элчилерди жана ыймандууларды шылдыңдаганы, ал тургай, муну бир көнүмүш адатка айлантып алганы жөнүндө сөз кылынды. Чындап эле тарых бою караңгы адамдар өз ойлорунда ыймандууларга азап берүү, алардын күчүн азайтуу, күрөштөрүндө алардын демин басуу үчүн шылдың куралын колдонушкан. Бирок алар унуткан абдан маанилүү бир чындык бар. Убактысы келгенде ыймандуулар да аларды шылдың кылышат.

Бүт адамдар бул дүйнөдө кылгандарынын эсебин бере турган сурак күнүнүн ишке ашаары так бир убада. Ал күнү эч бир адам артка кайта албайт жана бүт адамдар кылгандарынын жаза же сообун толук алат. Мына ошол күн келгенде, Аллахка жана элчисине моюн сунган, алар көрсөткөн жолдо жүргөндөр, б.а. ыймандуулар Аллах алар үчүн жараткан немат-жакшылыктарга толгон бейишке киришет жана Аллахтын каалоосу менен, түбөлүккө чейин ал жерде жашашат. Аллахка жана элчисине баш көтөргөн, Анын динин жана элчилерин шылдың кылган, ыймандууларды шылдыңчыл жана жаман сөздөр менен капалантууга аракеттенген адамдар болсо ар түрдүү азаптары бар тозокко киришет жана «ар дайым» анын ичинде болушат. Ошондуктан ал күн ыймандуулар каапырларды шылдыңдай турган күн болот. Себеби алар ыймандууларды шылдыңдап жатканда бул кылгандары үчүн сурак берээрин жана мунун натыйжасында түбөлүк жазаландырылаарын ойлошкон эмес. Бул дүйнөдө гана жашайбыз, кайра тирилбейбиз деп ойлошуп, акыреттин бар экенин же жокко чыгарышкан же болбосо мүмкүн эместей көрүшкөн. Булар үчүн жазаланаары болсо эч ойлоруна келген эмес. Аларга эскертилгенде эскерткендерди да шылдың кылышкан. Муну менен эле чектелбей, дин ахлагын жашаган, Аллахка моюн сунган, Курандагы сонун ахлак

системасын кабыл алган адамдарга да душмандык кылышып, ар мүмкүнчүлүктө аларга шылдыңчыл сөздөр менен кол салышкан. Бирок акырет күнү келгенде ыймандуулардын туура жолдо экени, шылдыңга кала тургандардын болсо ыймансыздардын экени ортого чыгат. Себеби мындай кылуу менен өздөрүнө гана жамандык кылышып, өздөрүнүн түбөлүк жашоосун кыйратышкан болот.

Аллах тозокто бере турган азап абдан күчтүү болгондуктан, мурда эч сезбегендей чоң кыйынчылык, азаптар аларды күтүп жатат. Ал эми ыймандуулар болсо теңдешсиз коoздук жана немат-жакшылыктар менен сыйланышат. Каапырлар дүйнө жашоосунда «коркпостон» шылдыңдаган ал адамдар түбөлүккө чейин немат-жакшылык мекени болгон бейиштерде сыйланышат. Эки тарап тең бир-бирин көрөт жана Аллахтын адилетине күбө болушат. Куранда ал күндөгү абал мындайча сүрөттөлгөн:

**Эми бүгүн ыйман келтиргендер каапыр болгондорго күлүп жатышат. Тактылар үстүндө карап (отурушат). Кандай, каапырлар кылгандарынын «оор азабын татыштыбы?» (Мутаффифин Сүрөсү, 34-36)**

Бирок дагы бир жолу айта кетүү керек; ал күнү Аллахтын адилети толук көрүнөт. Себеби Аллах бул адамдарга дүйнөдө сабак алганга жетишээрлик бир мөөнөт берип, аларды акыреттин жана сурак күнүнүн жакындыгы жөнүндө эскерткен. Бирок алар ушуга карабастан, абийирдүү болбой, шылдыңчылдыгын улантышкан. Куранда бул чындык мындайча кабар берилет:

**Ант болсун, Биз аларды силерди анда жайгаштырбаган жерлерде (силерге бербеген күч жана бийлик мүмкүнчүлүктөрү менен) жайгаштырдык жана аларга угуу, көрүү (сезимдерин) жана көңүлдөр бердик. Бирок угуу, көрүү (сезимдери) да жана көңүлдөрү да аларга эч пайда бербеди. Себеби алар Аллахтын аяттарын жокко чыгарышты. Шылдыңдаган нерселери аларды ороп-курчады. (Ахкаф Сүрөсү, 26)**

Көрүнүп тургандай, дүйнө жашоосунда көп мүмкүнчүлүктөр берилген бул адамдар муну жакшы колдонбогондуктан жана шылдыңчыл мамилелерин улантышкандыктан, мындай абийирсиздигинин жазасын тартууга ылайыктуу.

Ыймандууларды шылдыңдаган бул адамдар акыретте ыймандууларга абдан таң калышат. Өздөрү кылгандары үчүн тозокко жөнөтүлгөндө, бул дүйнөдө туура эмес жолдо деп ойлогон ыймандууларды да ал жерде көргүлөрү келет. Жана мына ошондо канчалык алданганын түшүнүшөт. Алар ыймандууларга күлүп жатканда жана аларды шылдыңдап жатканда, бир караса эле өздөрү уят болуп, шылдың кылына турган абалга келген болот. Төмөнкү аятта алардын мындай айоолуу абалы мындайча баяндалат:

**Жана айтышат: «Бизге эмне болду, шерир (жаман)дар деп ойлогон адамдарды**

**(бул жерде) көрө албай жатабыз. Биз аларды шылдыңдаган элек; же көзүбүз байкабай калдыбы?» Бул тозок калкынын бири-бири менен талашышы анык бир чындык. (Сад Сүрөсү, 62-64)**

Ыймандуулардын бейиште болушу каапырларга чоң бир сокку болот. Себеби бейиш – Аллах ыймандуулар үчүн даярдаган, ичинде түбөлүк жашала турган кемчиликсиз бир мекен. Ал жерде ар кандай немат-жакшылыктар бар. Бул кереметтүү мекен каапырларга көрсөтүлгөндө, ыймандуулардын мындай сонун жерде сыйланышына абдан таң калышат. Чынында болсо баары дүйнө жашоосунда кылгандарынын гана жообун алган болот. Аллах Куранда туура туура эместен бөлүнө турган ал улуу күндү мындайча сүрөттөйт:

**(Ал күнү) Заалымдарды кылгандарынан улам коркуп, титиреп жатканын көрөсүң; ал (кылгандары) аларды басып калды. Ыйман келтирип ыкластуу иштерди жасагандар болсо бейиш бакчаларында. Раббилери Кабатында эмне кааласа баары алардыкы. Мына улуу пазилет (жакшылык жана жогорулук) ушул. (Шура Сүрөсү, 22)**

Ошентип Аллах убактысы келгенде, бир тараптан, дүйнө жашоосунда ыймандууларды шылдың кылган каапырларга кылгандарынын жазасын берсе, экинчи тараптан, ыймандууларды сабыр кылганы үчүн сыйлайт. Аллах Куранда бул чындыкты мындайча билдирет:

**Кимдин таразасы жеңил келсе, мына ошолор өз напсилерин кыйроого салгандар, тозокто да түбөлүк калуучулар. От алардын жүзүн ороп күйгүзөт, анын ичинде алар (эттери шылынып түшкөн) тиштери менен калышат. Аяттарым силерге окулганда, жокко чыгаргандар силер эмес белеңер? «Раббибиз, бактысыздыгыбыз бизди жеңди, биз адашкан бир коом экенбиз.» дешти. «Раббибиз, бизди (оттун) ичинен чыгар, эгер кайра (каапырчылыкка) кайтсак, ошондо чындап заалым адамдар болобуз.» (Аллах) Айтат: «Анын ичине сиңгиле жана Мени менен сүйлөшпөгүлө.» «Себеби чынында Менин кулдарымдан бир топ: «Раббибиз, ыйман келтирдик, Сен эми бизди кечир жана бизге мээрим кыл, Сен мээримдүүлөрдүн эң жакшысысың дешчү, силер болсо аларды шылдыңдадыңар; ошентип (шылдыңыңар) Менин зикиримди (Мени эстөөнү) унуттурду жана силер аларга көп күлчүсүңөр.» «Бүгүн Мен чынында аларга сабыр кылганы үчүн сыйлыгын бердим. Шексиз, алар «кутулууга жана бакытка» жеткендер.» (Мүминун Сүрөсү, 103-111)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Б ул китепте баяндалгандардан көрүнүп тургандай, шылдыңчылдык – Аллах ыраазы болбогон, ыймандуулар абдан качынган, каапырларга тиешелүү бир мүнөз. Бирок Куран ахлагын жашабай, караңгы ахлакты тандаган адамдар шылдыңчылдык себебинен өздөрүн абдан оор бир жагдайга салышат. Дайыма шылдың болуу, уят болуу, адамдардын шылдыңга толгон көз-караштарына кабылуу сыяктуу тынчсыздануулар менен өмүр сүрүшөт. Мындай кыйын чөйрөдөн чындап кутулуунун жалгыз жолу болсо – бул Аллахтан коркуп тартынуу жана Ал буйруган Куран ахлагын жашоо.

Бул китепте, ошондой эле, караңгы коом адамдарынын шылдыңчылдыктарын динге жана ыймандууларга карата колдонулушу каралган. Каапырлар мындай мамилелери менен өздөрүн жогору кылдык жана мындан улам зыян көрбөйбүз деп ойлошу мүмкүн. Бирок китеп бою баяндалгандай, Аллахтын динине, элчилерине жана ыймандууларга шылдыңчыл мамиле кылган адамдар муну билиши керек: эгер мындай жаман мамилелерин токтотуп тообо кылышпаса, дүйнө жана акыретте мындай чектен чыгууларынын жазасын сөзсүз алышат. Болгондо да бул оор бир жаза болот. Дин ахлагынан алыс адамдар Аллахтын аларды дайыма угуп тураарын жана дайыма көрүп тураарын унутпашы керек. Алар шылдыңчыл сөздөрдү айтып жатышканда же ичинен шылдыңчыл ойлорду ойлоп жатышканда, Аллах аларга күбө болуп турат. Жана бүт сөздөрү, кылгандары жана ойлору сурак күнү алардын алдына алып келинет:

**Аллахтын асмандардагы жана жердегилердин баарын чынында билип тураарын көрбөй жатасыңбы? (Өз араларында жашыруун чогулуштарды уюштуруп) Шыбырашып жаткан үч кишинин төртүнчүсү сөзсүз Ал (Аллах); бештин алтынчысы да сөзсүз Ал. Мындан аз же көп болсун, каерде болушпасын, сөзсүз Ал алар менен бирге. Кийин кылгандарын кыямат күнү аларга кабар берет. Шексиз Аллах баарын билүүчү. (Мүжаделе Сүрөсү, 7)**

Демек, эң акылдуу жол – бул мындай жаман мүнөздөн ылдам кайтуу жана тообо кылып, аны эч кайталабоо. Эң сонун мамиле болсо – Аллахка моюн сунуу, Анын динин жашоо жана сонун мүнөздүү болуу. Мындай кылгандардын дүйнөдө жана акыретте утаары анык. Себеби Аллах жакшы иштерди жасаган кулдарына жакшылыктарды убада кылган. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Шексиз муттакилер (Аллахтан корккондор) Раббилеринин аларга бергенин алышып, бейиштерде жана булактарда. Себеби алар мындан мурда ихсан (сонун иштерди) кылышкан. (Зарият Сүрөсү, 15-16)**

**Асмандарда жана жердегилер Аллахтыкы; ошентип жамандык жасагандарды**

**кылгандары үчүн жазаландырат, жакшы иштерди кылгандарды болсо жакшыраагы менен сыйлайт. (Нажм Сүрөсү, 31)**

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Д арвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – Жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория боюнча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки

урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фоссилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу

менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок

болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан

адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга

каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө

жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул

технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте,

эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон

ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштыы, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок

кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

Тарых бою Аллахка жана акыретке ыйман келтирбеген адамдар аларга акыйкат дин айтып берилгенде, «туура эмес жолдосуңар жана бул жолдон кайтпасаңар түбөлүк бир тозок жашоосуна кабылышыңар мүмкүн» деп кабар берилгенде, аны кабыл алышкан эмес. Болгондо да, өз ойлорунда өздөрүнүн туура жолдо экенин көрсөтүү үчүн ал акыйкат динди жашагандарды шылдыңдашкан. Албетте, каапырлар чоң жаңылыштыкта. Алардын сөз жүзүндө же кыймылы менен жасаган аракеттеринен эч натыйжа чыкпайт. Себеби Аллах Куранда акыйкат диндин дайыма жогору экенин жана каапырлардын аракетинин текке кетээрин сүйүнчүлөгөн.

Дин ахлагынан алыс адамдар бир нерсени билиши керек: ыймандууларга көрсөткөн шылдыңчыл мамилелери менен, дин ахлагы жөнүндөгү жалаа жапкан сөздөрү менен, эгер мындай мамилелеринен кайтышпаса, өздөрүн түбөлүк бир азапка түртүшөт. Колуңуздагы китепте бул чындыктар, каапырлар шылдың кылабыз деп жатып ичине түшкөн тузак баяндалган. Ошондой эле, шылдыңчылдык түшүнүгү, көнүмүштөн тышкары, ар тараптуу каралып, Куран аяттарына жараша жоромолдонгон.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги орток максаты – бул Куранга чакырууну дүйнөгө жайылтуу, ушундайча адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет күнү сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ойлонууга чакыруу жана каапырдык системалардын чирик фундаменттерин жана адашкан иш-аракеттерин көрсөтүү. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 60 тилге которулган 300дөн ашуун эмгектери дүйнө жүзүндө көп адамдар тарабынан окулуп жатат.

Харун Яхья эмгектери – Аллахтын буйругу менен- 21-кылымда дүйнө жүзүн Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болот.